# Кыргызстандын орто мектептеринин мугалимдери үчүн окутуу-усулдук комплекстердин (ОУК), мазмунунда, тилинде жана сүрөттөрүндө гендердик негиздеги жаңылыш көз караштарды, стереотиптерди таануу жана четтетүү, социалдык инклюзияны илгерилетүү боюнча

## ОКУУ КУРАЛЫ

***(окутуу модулу)***

Бишкек – 2025

**Бул модуль «Секторду өнүктүрүү долбоору: Мектептеги билим берүүнү реформалоо» долбоорунун техникалык колдоо көрсөтүүсү астында иштелип чыкты**

Кыргызстандын орто мектептеринин мугалимдери үчүн окутуу-усулдук комплекстердин (ОУК), мазмунунда, тилинде жана сүрөттөрүндө гендердик негиздеги жаңылыш көз караштарды, стереотиптерди таануу жана четтетүү, социалдык инклюзияны илгерилетүү боюнча Окуу куралы *(окутуу модулу)*

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги

# Мазмуну

1. МАЗМУНУ
2. КИРИШҮҮ
3. КУРСТУН МАКСАТЫ ЖАНА НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ
4. ТЕРМИНДЕРДИН ТИЗМЕСИ (ГЛОССАРИЙ)
5. ГЕНДЕРДИК ТЕҢ УКУКТУУЛУКТУН ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИНКЛЮЗИЯНЫН ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА УЛУТТУК АЛКАКТАРЫ
6. **1-МОДУЛЬ. ГЕНДЕР ЖАНА ГЕНДЕРДИК МАМИЛЕЛЕРДИН НЕГИЗДЕРИ**
   1.1. Гендер жана жыныстык айырмачылык: негизги түшүнүктөр жана алардын мугалим үчүн маанилүүлүгү
   1.1. Биологиялык жыныстын жана социалдык жыныстын айырмачылыгы
   1.2. Муну сабак берүүдө сактоо эмне үчүн маанилүү?
7. **2-МОДУЛЬ ГЕНДЕРДИК СТЕРЕОТИПТЕРДИ КОЛДОНУУ ЖАНА АНЫН КЕСЕПЕТТЕРИ**
   2.1. Гендердик стереотиптер түшүнүгү: аныктамасы жана мисалдар
   2.2. Гендердик стереотиптер эмне үчүн кесепеттүү (зыяндуу) жеке адамга жана коомго тийгизген таасири
   2.3. Тарыхый-маданий контекст: аялдардын кыргыз коомундагы ролу, гендердик стереотиптерди жокко чыгарган мисалдар
8. **3-МОДУЛЬ. ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК ДЕГЕН ЭМНЕ: ТҮШҮНҮГҮ, СЕБЕПТЕРИ, ТҮРЛӨРҮ, КЕСЕПЕТТЕРИ**
   3.1. Кыздарга жана аялдарга карата зомбулук: түшүнүгү жана тажрыйба
   3.2. Балдарга жана аялдарга карата гендердик зомбулук: түрлөрү, себептери, кесепеттери жана мыйзам чегиндеги чаралары
   3.3. Балдарга жана аялдарга карата гендердик зомбулуктун себептери жана кесепеттери
9. **4-МОДУЛЬ. ИНКЛЮЗИВДҮҮ ЖАНА ГЕНДЕРДИК ЖАКТАН СЕЗИМТАЛ ТИЛ ЖАНА ГЕНДЕРДИК СЕЗИМТАЛДУУЛУК**
   4.1. Мектеп тажрыйбасындагы инклюзивдүү жана гендердик жактан сезимтал тил
   4.2. Мугалимдер үчүн окутуу-усулдук комплекстерди колдонууда жана окутууда гендердик сезимталдуулукту жана социалдык инклюзияны сактоо боюнча критерийлер
   4.3. Мугалимдер үчүн гендердик сезимталдуулукту камсыз кылуу окутуу-усулдук комплекстердин визуалдык материалдарында гендердик сезимталдуулукту камсыз кылуу боюнча критерийлер
10. **5-МОДУЛЬ. СОЦИАЛДЫК ИНКЛЮЗИВДҮҮ МЕКТЕП ДЕГЕН ЭМНЕ?**
   5.1. Социалдык инклюзивдүү мектеп деген эмне?
   5.2. Инклюзивдүү жана колдоо көрсөткөн окутуу чөйрөсүн түзүүдөгү мектептин жетекчилигинин кадамдары
   5.3. Окуу пландарын ар түрдүү муктаждыктарга ылайык адаптациялоо

## Киришүү

Бул окуу куралы жалпы билим берүүчү мектептерде STEM-багыттар боюнча сабак берген, инклюзивдүү жана гендердик жактан тең укуктуу билим берүү чөйрөсүн түзүүгө умтулган мугалимдер үчүн иштелип чыкты. Колдонмо теориялык негиздерди, укуктук багыттарды, ошондой эле гендердик стереотиптерди жана таңууланган шаблондуу көз караштарды болтурбоо жана жоюу, окуу процессинде гендердик тең укуктуулуктун, инклюзивдүүлүктүн жана зомбулуксуз маданияттын принциптерин жайылтуу үчүн практикалык билимдерди, сунуштарды жана усулдук куралдарды сунуштайт.

Мугалимдер өсүп келе жаткан муунда баарына – мейли өзү менен тең курактагы кыз же бала болсун, үй-бүлө мүчөлөрүнө, майыптыгы бар адамдарга, улгайган адамдарга жана айланасында курчаган, аракеттенишкен бардык адамдарга бирдей урматтоо сыйлоо, тең укуктуу мамиле кылуу сапаттарын жана социалдык адилеттүүлүк баалуулуктарын калыптандырууда негизги ролду ойношот. Мектеп — бул баланын өнүгүүсүнө түз таасир этүүчү алгачкы жана эң маанилүү социалдык институттардын бири. Демек, мугалимдер окуу процессинде колдонуу тилинин, визуалдык материалдардын, окуу китептеринин мазмунунун жана окутуу ыкмаларынын окуучулардын стереотиптерден, зомбулуктуу, башка адамды басынтуучу мамилелерден эркин болуусун калыптандырууга тийгизген таасирин түшүнүүсү абдан маанилүү. Ошондой эле, окуучулар өзүндө зомбулуксуз толеранттуу мамилелерге негизделген социалдык ченемдерди ушул мектеп партасынан баштап калыптандырышат.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан демилгеленген жана колдоого алынган окутуу-усулдамалык комплекстерге басмырлоого каршы жана гендердик экспертиза жүргүзүү тажрыйбасы учурда колдонулуп жаткан окуу китептеринин бир кыйла бөлүгүндө аялдар менен эркектердин ролдору жөнүндө стереотиптик түшүнүктөр кеңири экенин көрсөттү. Аялдардын жана майыптыгы бар адамдардын тарыхый, экономикалык жана маданий өнүгүүгө кошкон салымдары көп учурда көрүнбөйт, ал эми адам укуктарынын, сабырдуулуктун, гендердик теңдиктин жана инклюзивдүүлүктүн баалуулуктарын илгерилеткен материалдар дээрлик жок. Заманбап билим берүү чөйрөсү гендердик стереотиптерден жана басмырлоодон сырткары болуусу зарыл.

## Окуу куралы иштелип чыкты

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-октябрындагы №654 Токтому менен бекитилген Мектепте 12 жылдык билим берүүгө өтүү Концепциясынын «12-жылдык мектептеги окутуунун күтүлүүчү жыйынтыктары» де аталган 4-бөлүмүнө ылайык иштелип чыкты.

**Күтүлүүчү жыйынтыктар камтыйт:**

- жарандуулукка, патриоттулукка (Кыргыз жараны), адам укуктарын жана эркиндиктерин сыйлоого, өзүнүн жана коомдун алдындагы жоопкерчиликке тарбиялоо;
- өзүнүн жана башка элдердин үрп-адаттарын жана маданиятын сыйлаган, дене бойлук жактан дени сак, руханий жактан бай, жогорку адеп-ахлактуу, толеранттуу, билимдүү инсанды тарбиялоого жол ачкан мектеп жашоосунун жаңы образын калыптандыруу;
- функционалдык сабаттуулукту жана XXI кылымдын көндүмдөрүн калыптандыруу.

## Окуу куралы камтыйт:

- окуучуларга окуу процессин гендер түшүнүгү, гендердик сезимталдуулукту жана социалдык инклюзиялуулукту эске алуу менен уюштуруунун улуттук жана эл аралык негиздери жөнүндө билимдерди;
- окутуу процессиндеги гендердик сезимталдуулук жана инклюзивдүүлүк жөнүндө теориялык жана практикалык билимдерди;
- окутуу процессине гендердик сезимталдуулуктун жана инклюзивдүүлүктүн принциптерин киргизүү боюнча сунуштамаларды жана усулдамалык ыкмаларды.

## Максаты

Коопсуз, тең укуктуу жана инклюзивдүү мектеп чөйрөсүн түзүү үчүн практикалык куралдар менен камсыз кылуу аркылуу гендердик тең укуктуулукту жана социалдык инклюзияны интеграциялоодо мугалимдерге колдоо көрсөтүү.

## Негизги милдеттери:

1. Мугалимдердин гендердик тең укуктуулуктун принциптери, жыныстык айырмачылыктын жана гендердин ортосундагы айырмачылыктар, ошондой эле мектеп чөйрөсүндөгү социалдык инклюзиянын мааниси жөнүндө маалыматтуулугун жогорулатуу.
2. Мугалимдердин билим берүүчү материалдардагы гендердик стереотиптерди, басмырлоочу тилди жана тоскоолдуктарды аныктоо жана четтетүү боюнча жана ошондой эле өз ара аракеттенишүү боюнча көндүмдөрүн өнүктүрүү.
3. Инклюзивдүү жана гендердик жактан сезимтал билим берүүчү мейкиндикти калыптандыруу үчүн мугалимдерди практикалык куралдар менен камсыз кылуу.
4. Ар түрдүү билим алуу муктаждыктары бар окуучулар менен иштөөдө адаптацияланган усулдарды жана ыкмаларды колдонууга колдоо көрсөтүү.
5. Мектептин бардык окуучулардын бирдей катышуусун жана гендердик зомбулуктун жана социалдык басмырлоонун алдын алуудагы ролун бекемдөө.

## ТЕРМИНДЕРДИН ТИЗМЕСИ (ГЛОССАРИЙ)

**Гендер** – ар башка жыныстагы адамдардын ээ болгон, социалдык жактан бекемделген жүрүм-туруму; саясатты, экономиканы, укукту, идеологияны, маданиятты, билим берүүнү жана илимди кошкондо, турмуштун бардык чөйрөлөрүндө көрсөтүлгөн эркектер жана аялдардын ортосундагы мамилелердин социалдык аспектиси.[1]

**Гендердик мүнөздөмөлөр** – бул аялдардын жана эркектердин жүрүм-турумдарына карата күтүүлөр менен байланыштуу мүнөздөмөлөр. Бул мүнөздөмөлөр тарыхый жактан калыптанган, ошол учурдагы саясий жана экономикалык кырдаалдан көз каранды, эмгектин бөлүштүрүлүшү жана салттуу ченемдер менен байланышкан коомдо кабыл алынган социалдык ролдордун натыйжасы болуп эсептелет.

**Жыныстык айымачылык** – адамдын биологиялык мүнөздөмөсү.

**Гендердик теңчилик** – аялдардын жана эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны жүзөгө ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрү, ал адамдарга жынысына карабастан жашоо-турмуштун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүнө катышуу үчүн өз жөндөмдүүлүгүн эркин пайдаланууга мүмкүнчүлүк берилиши.[2]

**Гендердик тең укуктуулук** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдетүүчү жагдайлардан сырткары ар башка жыныстагы адамдардын мыйзам алдында укуктарынын, милдеттеринин жана жоопкерчиликтеринин теңдиги.[3]

**Гендердик стереотиптер** – тиешелүү мезгилде тиешелүү коом үчүн эркек менен аялдын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө туруктуу түшүнүктөр.[4]

**Сексизм**[5] – (англ. sexism, лат. sexus — жыныстык айырмачылык, синоним — гендердик басмырлоо) — калыс эмес мамиле, адамды жыныстык белгиси же гендердик идентүүлүгү боюнча басмырлоо. Коомдо сексизм расмий түрдө бекитилген жоболордо же ал тургай идеологияда дагы стереотиптердин системасы катары орун алышы мүмкүн. Сексизмдин негизин бир жыныстын өкүлүнүн экинчисинин үстүнөн артыкчылык, үстөмдүк кылуусу түзөт. Сексизмдин негизги каршылашы феминизм болуп эсептелет.

**Басмырлоо** – бул расасына, терисинин өңүнө, жынысына, тилине, динине, саясий жана башка ишенимдерине, улуттук же социалдык келип чыгуусуна, мүлктүк абалына, туулгандыгына же башка жагдайларына, белгилерине негизделген бардык айырмалоолор, жокко чыгаруулар, чектөөлөр же артыкчылык берүүлөр, мунун баары бардык укуктарды жана эркиндиктерди бардык адамдар бирдей башталышта тең укуктуу колдонуусун же ишке ашыруусун жок кылуу же азайтуу, жоюу максатынын жыйынтыгы болушу мүмкүн.[6]

**Аялдарга карата басмырлоо** – бул жыныстык белгиси боюнча бардык айырмалоолор, жокко чыгаруулар, бөлүүлөр же чектөөлөр, бул аялдардын алардын үй-бүлөлүк абалынан көз карандысыз түрдө эркектердин жана аялдардын тең укуктуулугунун негизинде алардын үй-бүлөлүк абалынан көз карандысыз түрдө саясий, экономикалык, социалдык,

---

[1] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренеси, 4-август, 2008-жыл, № 184.

[2] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренеси, 4-август, 2008-жыл, № 184.

[3] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренеси, 4-август, 2008-жыл, № 184.

[4] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» **Мыйзамынын** 1-беренеси, 4-август, 2008-жыл, № 184.

[5] Шевченко, З. В. (Жыйнак). (2016). Гендердик терминдердин топтому. Черкаси: топтоочу Чабаненко Ю. Відновлено з http://a-z-gender.net/seksizm.html

[6] Адам укуктары чөйрөсүндөгү негизги келишимдер жана алардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү боюнча органдары. www.ohchr.org//RU//ProfessionalInterests/Pages/Coreinstruments/aspx

маданий, жарандык же башка бардык чөйрөлөрдө адам укуктарынан жана негизги эркиндиктеринен колдонуусун же ишке ашыруусун таанымбоого же алсыздандырууга багытталган.[7]

**Кыйыр басмырлоо** орун алат эгерде ченем, критерий, жалпы кабыл алынган ыкма же тажрыйба, адамдарды башка адамдар менен салыштырмалуу түрдө коргоого ээ болуу негизи менен ассоциацияланган макамына же мүнөздөмөлөрүнө тиешелүү өзгөчө жагымсыз абалга калтырган абал, эгерде аны жагымсыз абалга калтырган шарт, критерий же тажрыйба мыйзамдуу максатта акталган болбосо жана бул максатка жетүү үчүн каражаттар ыңгайлуу жана зарыл болбосо.

### Кыйыр гендердик басмырлоого кирет:

– гендердик стереотиптерди массалык маалымат каражаттары, билим берүү, маданият аркылуу жайылтуу;
– бир жыныстын өкүлүнө карата зыян алып келүүчү терс кесепеттерин тийгизе турган же тийгизген шарттарды, талаптарды киргизүү, бекитүү.

### Түз басмырлоо орун алат, эгерде:

– бирдей эле кырдаал учурунда башка адамга же башка адамдардын тобуна салыштырмалуу түрдө, бир же бир нече тыюу салынган негиздерге таянып бир адамга же адамдардын топторуна начар мамиле жасоо;
– же болбосо, бир же андан көп тыюу салынган негиздерге таянып, бир адамга же адамдардын тобуна зыян келтирүү.

### Түз гендердик басмырлоого кирет:

– үй-бүлөлүк абалынан, кош бойлуулугунан, кош бойлуу болуп калуусу мүмкүн экендигинен жана үй-бүлөлүк милдеттери себептеринен улам басмырлоо;
– сексуалдык ыдык көрсөтүү;
– бирдей квалификациядагы эмгек үчүн эмгек акыны ар башка өлчөмдө төлөп берүү.

### Гендердик басмырлоо болуп эсептелбейт:

– балдардын төрөлүшү жана эмчек эмизүү функцияларына байланыштуу мамилелерди жөнгө салуудагы айырмачылыктарды орнотуу;
– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилгенге ылайык, тезинен аскердик кызмат өтөөгө бир гана эркек балдардын чакыртылуусу;
– саясий, экономикалык, эмгектик жана башка социалдык мамилелерде реалдуу гендердик тең укуктуулукка жетишүүгө багытталган атайын чараларды кабыл алуу;
– аялдардын жана эркектердин репродуктивдик ден соолуктарын сактоого байланыштуу эмгектерин сактоонун өзгөчөлүктөрү;
– кесиптик квалификациялоого анык бир жыныстын өкүлүнө гана тиешелүү милдеттерди аткаруу мүмкүнчүлүгүнө негизделген талаптарды бекитүү;
– позитивдүү аракеттер.[8]

---

[7] 1-берене. Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция. 18-декабрь, 1979-жыл.

[8] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренеси, 4-август, 2008-жыл, № 184.

**Майыптыгы бар болууга байланыштуу басмырлоо** – майыптыгы бар болуу себеби боюнча бардык айырмалоо, четке кагуу же чектөө, максаты же жыйынтыгы – саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык же башка бардык чөйрөлөрдө майыптыгы бар адамдын өзүнүн адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин башкалар менен бирдей эле ишке ашыруусун тааныбоо, четке кагуу же азайтууга аракет кылуу болуп эсептелет.

Жалгыз гана бейкалыстыкка, стереотиптерге жана басмырлоого каршы күрөшпөстөн, ошондой эле аларды пайда кылган маданиятка дагы каршы күрөшүү зарыл. Басмырлоонун жеңүү үчүн мүмкүн болуучу кадамдар: бардык чөйрөлөрдө «адам укуктарын» таануу, убактылуу атайын чараларды кабыл алуу, толеранттуулук жана диалог атмосферасын түзүү, ар түрдүү топтордун ортосундагы жолугушууларды уюштуруу.

**Майыптыгы бар болуу** – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан, мыйзамда белгиленген тартипте белгиленүүчү, адамда туруктуу дене бойлук, психикалык же акыл-эстик бузулуулардын бар экендигин билдирүүчү социалдык-юридикалык макам.[9]

**Майыптыгы бар болууну түшүнүүнүн медициналык модели** - майыптыгы бар адамдын тубаса же жашоодо келип чыккан, аны «толук кандуу» адамдардан айырмалап турган паталогиясына басым жасаган мамиле. Майыптыгы бар адам медициналык моделде дене бойлук жагынан же акыл-эси боюнча толук кандуу эмес индивид катары каралат.Медициналык моделде майыптыгы бар адамды реабилитациялоо дене бойлук же психикалык ден соолукту медициналык каражаттардын эсебинен калыбына келтирүү жолу менен гана жетишилет. «Дарылоого мүмкүн эмес» деп аталган окуялар адамдын коомдун активдүү мүчөсү болуу мүмкүнчүлүгүн олуттуу түрдө чектеген учурлар аз эмес.

**Майыптыгы бар болуунун социалдык модели** – майыптыгы бар адамга карата анын дене бойлук же психикалык чектөөлөрүнө карабастан коомдун толук кандуу мүчөсү катары мамиле кылуу. Бул жерде басым ак ниеттүү инклюзивдүү чөйрөгө жасалат, индивиддин өзүндө бар бардык потенциалдарын ачуусу үчүн жол берген тоскоолдуктарды жоюуга жасалат.

**Инклюзивдүү ыкма** баары үчүн ак ниеттүү жана жетиштүү боло турган социалдык жана дене бойлук чөйрөнү трансформациялоого арналат**.**[10]

**Билим берүүдөгү инклюзилуулук** – айрым окуучулардын ар түрдүү муктаждыктарына ыңгайлашуу маданиятын, саясатын жана тажрыйбасын трансформациялоо зарылдыгын таануу, ошондой эле бул мүмкүнчүлүктү ишке ашыруудагы тоскоолдуктарды четтетүү боюнча милдеттенмелер**.**[11]

**Социалдык инклюзия (социалдык кошуу) –** социалдык кошулуунун жогорку деңгээли деген тең укуктуулуктун, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнүн жогорку деңгээли **(өзгөчө сапаттуу билим берүүнүн жана медицинанын),** жеке өсүү жана социалдык илгерилөө үчүн басмырлоонун жоктугу жана мүмкүнчүлүктөрдүн бар болуусу менен мүнөздөлөт.

**Азчылыктар** – социалдык топ, мамлекетте (же белгилүү бир аймакта) калкка карата сандык жактан азчылыкты түзгөн же негизги биологиялык муктаждыктар, социалдык, маданий жана диний муктаждыктарын канааттандырууда татаалдыктарга дуушар болгон топ. Азчылыктар расмий макамга ээ топтогу адамдардын саны менен гана аныкталбайт.

---

[9] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренеси, 4-август, 2008-жыл, № 184.

[10] https://www.undp.org/content/dam/undp/library/Poverty%20Reduction/Inclusive%20development/Towards%20Human%20Resilience/Towards_SustainingMDGProgress_Ch8.pdf

[11] ЮНИСЕФтин Миссиясынын алкагында Инклюзивдүү билим берүүнү концептуализациялоо жана аны контекстуализациялоо ЮНИСЕФ 2014, https://www.unicef.org/eca/sites/unicef.org.eca/files/Booklet%201%20-%20Russian%20Version.pdf

**Көп түрдүүлүк** – коомдо гендердик, этникалык-маданий, жаш курагы, социалдык-экономикалык, диний жана башка белгилери боюнча бири-биринен айырмаланган ар кандай топтордун болушу.

**Аялдарга карата зомбулук** – бул жыныстык белгилеринин негизинде жасалган бардык зомбулук актыларын түшүндүрөт, ал мейли коомдук же жеке жашоодо болсун аялдарга дене бойлук, жыныстык же психологиялык зыяндарды жана азаптануулардыалып келүүсү мүмкүн, ошондой эле бул актыларды жасоо коркунучу, мажбурлоо же эркиндигинен мажбурлап ажыратуу.

**Патриархат** – социалдык уюшуунун бир түрү, анда көптөгөн тармактарда, айрыкча саясатта, экономикада жана үй-бүлөдө, эркектер басымдуу роль ойнойт. Патриархалдык салттарга жана баалуулуктарга шилтеме кылуу эркектердин бүгүнкү дүйнөдө бийликке жана экономикалык ресурстарга артыкчылыктуу кирүү укугуна ээ экенин билдирет.

**Бейкалыс көз караштар (социалдык)** – бул адам же топ жөнүндө жетиштүү себеп, маалымат же тажрыйба жок эле алдын ала түзүлгөн пикир, көбүнчө жаңылыш же ийкемсиз жалпылаштырууларга негизделет.

**Аярлуу социалдык топтор** – калктын кысымга алууну башынан кечирип жаткан бир тобу же коомдун бөлүгү, башка топтор менен салышытырганда басмырлоого, зомбулукка, табигый жана техногендик катастрофалардын кыйла оор кесепеттерине кабылышы мүмкүн болгон топ. Салттуу түрдө аярлуу топторго балдарды, улгайган адамдарды, азчылыктардын өкүлдөрүн, майыптыгы бар адамдарды, кирешеси төмөн адамдарды киргизишет. Аярлуу топторду аныктоо кыймылдуу жана кырдаалдан көз каранды.

## ГЕНДЕРДИК ТЕҢ УКУКТУУЛУКТУН ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИНКЛЮЗИЯЛУУЛУКТУН ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА УЛУТТУК УКУКТУК АЛКАКТАРЫ

## Эл аралык укуктук алкактар

Кыргызстан адам укуктарын, гендердик тең укуктуулукту жана социалдык инклюзияны коргоого багытталган бир катар эл аралык келишимдердин катышуучусу болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык *«Эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат».*[12]

**Негизги эл аралык документтер**

**1. Эл аралык пактылар**

Кыргызстан эки негизги эл аралык пактынын катышуучусу болуп эсептелет *(эки пакты тең БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1966-жылы кабыл алынган. Кыргыз Республикасы аларды 1994-жылы ратификациялаган)*

- *Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты.*
- *Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакты.*

Бул документтер мамлекеттерди адам укуктарын басмырлоосуз – жынысы, расасы, дини, социалдык келип чыгуусу, майыптыгы бар болуусу жана башка белгилери боюнча ишке ашырууну милдеттендирет.

**2.Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенциясы (CEDAW, 1979),** *документ 1979-жылы кабыл алынган. Кыргыз Республикасы 1997-жылы ратификациялаган).*

Бул Конвенцияга ылайык, Кыргыз Республикасы аялдарга жана кыздарга карата басмырлоону өзгөчө билим берүү чөйрөсүндө жоюу боюнча милдеттенмелерди кабыл алган. Бул камтыйт:

- билим берүүнүн бардык деңгээлдерде бирдей жеткиликтүү болуусун;
- гендердик ролдор жөнүндө стереотиптерди четтетүүнү;
- окуу материалдарында, өзгөчө STEM-багытындагы окуу материалдарында гендердик тең укуктуулукту колдоого алууну;
- майыптыгы бар аялдардын жана кыздардын укуктарына, өзгөчө социалдык камсыздоого карата укугуна өзгөчө көңүл буруу.

БУУнун Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу боюнча комитети Кыргыз Республикасына Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенцияны (МАК) ратификациялоону сунуштаган, бул 2019-жылы аткарылды.

---

[12] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 6-берененин 3-пункту. 2021-жыл, 5 май. 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган

3. **Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенция (МАК, 2006)** **-** Кыргыз Республикасы тарабынан 2019-жылдын 13-мартында ратификацияланган.

Конвенция майыптыгы бар кыздар жана аялдар кайчылаш (бир эле учурда бир нече) басмырлоолорго кабылып жатышкандыктарын жана өзгөчө коргоо чараларына муктаж болуп жатышкандыгын моюнга алат. Анда баса белгиленет:

- майыптыгы бар аялдардын укуктарын башкалар менен бирдей деңгээлде камсыз кылуу;
- майыптыгы бар кыздардын кызыкчылыктарын балдарга карата саясаттын бир бөлүгү катары эске алуу;
- алардын ой пикирлерин чечимдерди кабыл алууда эске алуу зарылчылыгы;
- майыптыгы бар болууну бир гана дене бойлук бузулуунун жыйынтыгы эмес, чөйрөнүн тоскоолдуктарынын жыйынтыгы катары таануу.

4. **Пекин аракеттер платформасы (1995)**

Документ, билим берүү – бул тең укуктуулукка жетишүүнүн жана туруктуу өнүгүүнүн ачкычы деп баса белгилейт. Платформа сунуш кылат:

- гендердик стереотиптерден эркин окуу куалдарын иштеп чыгууну;
- кыздар жана балдар үчүн, анын ичинде майыптыгы бар кыздар жана балдар үчүн бирдей шарттарды камсыз кылуу;
- мугалимдерди гендер суроолоруна окутуу;
- билим берүү жана иш менен камсыз кылуу саясатында майыптыгы бар кыздардын жана аялдардын укуктарын эске алуу.

5. **2030-жылга чейин Туруктуу өнүктүрүү максаттары (ТӨМ)**

4-ТӨМ бардык балдардын сапаттуу билим алууга карата укуктарына басым жасайт. Андагы артыкчылыктуу багыттар:

- билим берүүдөгү гендердик тең укуксуздукту жоюу (4.2-максат);
- аярлуу топтор үчүн, анын ичинде майыптыгы бар адамдар үчүн бирдей жеткиликтүүлүк;
- коопсуз жана инклюзивдүү чөйрөнү түзүү;
- гендердик жана социалдык факторлорду эске алуу менен квалификациялуу мугалимдерди даярдоо.

## Улуттук укуктук алкактар

Кыргыз Республикасынын 2021-жылы кабыл алынган Конституциясы Кыргыз Республикасынын гендердик тең укуктуулук чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдарын иштеп чыгуу үчүн негиз болуу менен бирге, аялдар жана эркектер үчүн укуктардын, эркиндиктердин жана мүмкүнчүлүктөрдүн жана аларды ишке ашыруунун бирдей болуусун белгилейт.

Анда караштырылган:

– эркектер жана аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ (24-бер., 3-б.)[13];
– басмырлоого, кастыкка же зомбулукка чакырган улуттук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөөгө тыюу салынат (32-бер., 4-б.); [14]
– Ар бир адам билим алууга укуктуу. Негизги жалпы билим алуу милдеттүү. Ар бир адам мамлекеттик билим берүү уюмдарында мектепке чейинки, жалпы негизги, орто жалпы жана баштапкы кесиптик билимди акысыз алууга укуктуу (46-бер. 1,2, 3-б.).

Жогоруда белгиленгендей, Кыргызстан өзүнө туруктуу өнүгүү Максаттарына (ТӨМ) жетишүү боюнча милдеттерди алган, анын ичинде ар тараптуу жана адилеттүү билим берүүнү, ошондой эле баардыгы үчүн өмүр бою билим алууну камсыз кылуу милдеттерин алган. Бул максаттардын алкагында прогресске баа берүүгө, анын ичинде майыптыгы бар адамдардын муктаждыктарын эске алуу менен баа берүүгө жол ачкан милдеттер жана көрсөткүчтөр караштырылган.

Мындан сырткары, гендердик тең укуктуулукка жетишүү жалгыз эле ТӨМ 5 каралган эмес, ошондой эле туруктуу өнүгүүнүн башка багыттарын ишке ашыруунун негизги фактору болуу менен бирге анын көптөгөн башка багыттарында дагы камтылган.

Ар бир адам үчүн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу улуттук коопсуздуктун суроолору менен түздөн түз байланыштуу, ал эми жеке деңгээлде болсо ал ийгиликтүү жана толук кандуу жашоонун фундаменти болуп эсептелет.

КР Конституциясынан кийин эле, КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы ар башка жыныстагы адамдарга карата ишмердиктин кандай гана чөйрөсүндө болбосун тикелей жана кыйыр гендердик басмырлоого тыюу салынат. Муну менен катар эле, кыйыр гендердик басмырлоого жалпыга маалымдоо каражаттары, билим берүү, маданият аркылуу гендердик стереотиптерди кайрадан жаратуу дагы кирет.[15]

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси белгилейт: «Кыргыз Республикасында ар бир адам жынысына, расасына, тилине, майыптуулугуна, этностук таандыктыгына, дин тутуусуна, жашына, саясий же башка ынанымдарына, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларга карабастан билим алууга

[13] КР Конститциясынын 24-беренесинин 3-бөлүгү. 5-май, 2021-жыл.
[14] КР Конституциясынын 32-беренесинин 4-бөлүгү. 5-май, 2021-жыл.
[15] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы. 5-берене. 4-август, 2008-жыл, №184.

укуктуу».[16] Ошондой эле ушул эле Мыйзамдын 5-беренесинин 4-пунктунда «инклюзивдик билим берүүдө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана билим алууда басмырлоонун кандай болбосун көрүнүштөрүнө жол бербөө» талаптары караштырылган».[17]

**Билим берүү процессинде гендердик тең укуктуулуктун жана социалдык инклюзиялуулукту сактоо КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 5-беренесинин 8-пунктунда караштырылган:** *«окуу китептерин, анын ичинде Брайлдын рельефтик-чекиттик шрифти менен чыгарылуучу окуу китептерин, окуу жана усулдук колдонмолорду (окуу-усулдук комплекстерди жана окуу-дидактикалык материалдарды) басып чыгаруу үчүн шарттарды түзүү».*

Кыргыз Республикасында билим берүү калктын, дүйнөлүк маданияттын гуманисттик баалуулуктарынын жана демократиянын принциптерине негизделет (КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы, 8-берене, 3-пункт).

**Билим берүүнү уюштуруунун негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:[18]**

- сапаттуу билим алууга ар бир жарандын укугунун бирдейлиги;
- ар бир билим алуучуга коомдун пайдалуу мүчөсү болууга мүмкүндүк берүүчү, демократиялык жана өнүгүшү илимий билимдерге, өз ара түшүнүшүүгө, толеранттуулукка жана коом мүчөлөрүнүн ортосундагы тынчтыкка негизделген светтик коомду өнүктүрүүгө түрткү берүүчү билим берүү системасын түзүү;
- билим берүү уюмдарында окутуунун, өнүктүрүүнүн жана тарбиялоонун светтик мүнөзү.

Инклюзивдүү билим берүү суроосу Мыйзамдын 3-бөлүмүнүн экинчи бөлүгүндө белгиленген, **бул мугалимдердин ушул талаптарды сактоосу маанилүү экендигин эске салат.** Мыйзамга ылайык,[19] *«Мектепке чейинки, жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын, ошондой эле кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдери үчүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын макеттерин иштеп чыгуу процесси билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бардык кызыкдар тараптарды тартуу менен инклюзивдик билим берүүнү, экономиканын керектөөлөрүн жана жарандардын билим алуу муктаждыктарын эске алып, ачык, демократиялуу уюштурулат жана Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет».*

Инклюзивдүү билим берүүнүн расмий аныктамасы ушул Мыйзамдын 11-бөлүмүнүн «Инклюзивдүү билим берүү» 36-беренесинде караштырылган. Позитивдүү кадам катары белгилей кетчү нерсе, мына ушул биз карап жаткан жаңы 2023-жылдын 11-августунда №179 кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамында бир чоң бөлүм ниключзивдүү билим берүүгө арналган. Мындай жаңы кадам гендердик аспектилерди эске алган инклюзивдүү билим берүүнүн туруктуулугун кепилдикке алат. Демек, *«**Инклюзивдик билим берүү** бардык адамдар үчүн билим алуу муктаждыктарынын жана жеке мүмкүнчүлүктөрүнүн ар түрдүүлүгүн, ошондой эле турмуштук оор кырдаалдарын эске алуу менен, басмырлоосуз бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган. Инклюзивдик билим берүү принциби билим берүүнүн бардык баскычтарында жана өмүр бою иштейт. Инклюзивдик билим берүүнү ишке*

---

[16] Кыргыз Республикасы «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы, 4-берене. 11-август, 2023-жыл, № 179: https://cbd.minjust.gov.kg/4-3419/edition/1273902/ru

[17] Ошол жерде. 5-берененин 4-пункту.

[18] Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы. 8-берененин 4-бөлүгүнүн 1-пункту. 11-август, 2023-жыл, № 179: https://cbd.minjust.gov.kg/4-3419/edition/1273902/ru

[19] Ошол жерде.3-бөлүм, 9-берененин 2-пункту.

*ашыруу максатында баланы билим алууга жөндөмсүз деп таанууга, ошондой эле балдарды бөлүүнүн башка ыкмаларын колдонууга тыюу салынган».*[20]

Анда атайын жана жекече муктаждыктар, анын ичинде аң-сезимдүү куралдар эсепке алынган окутуу чөйрөсүн түзүү үчүн тийиштүү чараларды кабыл алуу аркылуу мамлекет билим алууга өзгөчө муктаждыктары бар адамдардын жана турмуштук оор кырдаалда турган адамдардын инклюзивдик билим алууга укугун ишке ашырууга кепилдик берет.[21]

Мамлекет инклюзивдик билим берүүнүн, эрте өнүктүрүүнүн принциптерин жана усулдарын, окутуунун жана баарлашуунун альтернативдик усулдарын жана формаларын, анын ичинде жаңдоо тилин жана Брайль арибин киргизүүнү жана өнүктүрүүнү пайдаланган билим берүү уюмдарын жана педагогикалык кызматкерлерди шыктандырат.[22]

Мамлекет турмуштук оор кырдаалда турган адамдардын билим алуу укугун ишке ашырууга социалдык инклюзия үчүн шарттарды түзүү аркылуу кепилдик берет.[23]

Кыргыз Республикасында майыптыгы бар адамдардын макамын аныктаган негизги ченемдик-укуктук акты 2008-жылдын 3-апрелинде кабыл алынган КР «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы болуп эсептелет, ал майыптыгы бар адамдарга социалдык, саясий укуктарды жана кепилдиктерди берүүсүн, ден соолукка, эмгекти жана эмгек ишмердүүлүгүнө карата кепилдиктерди берүүсүн, алардын маданий-билим берүү жаатында коомго интеграцияланууcуна кепилдиктерди берүүсүн, ошондой эле обьекттердин инфраструктураларынын жеткиликтүүлүгү укугуна ээ болуусун караштырат.

**Эскертүү:** *Тилекке каршы, КР «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамында бүгүнкү күнгө чейин «ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар» деген эски жана туура эмес түшүнүк жана ага ылайык «ДМЧА» аббревиатура деген колдонулуп жатат. Анын негизинде ушул эле терминди аббревиатураны колдонуп жаткан мыйзам алдындагы актылар кабыл алынган. Ошолдой эле алар статистикалык көрсөткүчтөрдө дагы колдонулууда.*

Мыйзамга ылайык, Майыптыгы бар болуу, – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан, мыйзамда белгиленген тартипте белгиленүүчү, адамда туруктуу дене бойлук, психикалык же акыл-эстик бузулуулардын бар экендигин билдирүүчү социалдык-юридикалык макам. Бузулуунун деңгээлине жараша майыптыктын I, II жана III топтору белгиленет. 18 жашка чейинки балдар «ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү бала» категориясына киргизилет.

Аталган Мыйзамга ылайык, Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын башталгыч кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим алуусу жалпы типтеги окуу жайларында, зарылчылык болгон учурда атайын окуу жайларында ишке ашырылат. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар кирүү экзамендерин башкалар менен бирдей шартта ийгиликтүү берген учурда башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим

[20] Ошол жерде. 11-бөлүмдүн 36-беренесинин 1-пункту.
[21] Ошол жерде. 11-бөлүмдүн 36-беренесинин 1-пункту.
[22] Ошол жерде. 11-бөлүмдүн 36-беренесинин 1-пункту.
[23] Ошол жерде. 11-бөлүмдүн 38-беренесинин 2-пункту.

берүү окуу жайларына өтүүдө артыкчылык укукка ээ болушат. Билим берүү органдары социалдык жактан коргоо органдары менен бирдикте жыл сайын ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн башталгыч кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик окуу жайларынын бюджеттик бөлүмдөрүнө орундарга квота коюу боюнча нормативдерди белгилешет (38-бер.). Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды кесипке даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу окуу жайларында, ишканаларда жана уюмдарда (атайын же жалпы типтеги) социалдык жактан коргоо мекемелери менен бирдикте жекече реабилитациялоо программасына ылайык камсыз кылынат (40-бер.).

КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын[24] 43-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, педагогикалык ишмердүүлүктүн негизги принциптеринин бири төмөнкүдөй болуп эсептелет:

- билим алуучуга жыныс белгиси, расасы, тили, **майыптыгы,** этностук таандыктыгы, дин тутуусу, жаш курагы, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча **тикелей, жашыруун жана (же) кыйыр басмырлоого, укуктарын чектөөгө же артыкчылык берүүгө жол бербөө.**

**Педагогикалык кызматкер милдеттүү:** [25]

- **инклюзивдик билим берүүнүн** принциптерин сактоого, билим берүүнү дифференциялоого жана жекелештирүүгө;
- билим алып жаткандардын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого, өз ишинде **гендердик зомбулуктун жана басмырлоонун** көрүнүшөн жол бербөөгө, ошондой эле билим алып жаткандардын ортосунда мындай көрүнүштөргө бөгөт коюуга;
- билим алып жаткандарды өз ара түшүнүшүү, тынчтык, элдердин ортосундагы ынтымак рухунда аң-сезимдүү жашоого даярдоого.

БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө Конвенциясынын ченемдерин жана КР Инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүү программасын ишке ашыруу, ошондой эле майыптыгы бар абитуренттер үчүн жогорку окуу жайдын жеткиликтүүлүгүн жайылтуу максатында, КР Билим берүү жана илим министрлиги өлкөнүн ЖОЖдоруна тапшырууда I жана II топтогу майыптыгы бар адамдарды кабыл алуу үчүн медициналык жана фармацевдик адистерден сырткаркы адистиктер боюнча босого баллдарын төмөндөттү: майыптыгы бар адамдарды ЖОЖдорго кабыл алууда гранттык орундарга босого баллдар төмөндөтүлдү:негизги тест боюнча – 100 балл, окуу үчүн акы төлөө келишими боюнча окутуунун бардык формаларына: негизги тест боюнча – 95 балл. Бул ошондой эле инсандын билим алуудагы жеке муктаждыктарына шайкеш келүү жана майыптыгы бар адамдарга билим алуунун бирдей жеткиликтүүлүгү жаатында инклюзияны өстүрүүгө багытталуу максатында ишке ашырылды.[26]

Кодекстерден жана мыйзамдардан сырткары, мамлекеттин гендер жана инклюзия суроолору боюнча позициясын, анын бул чөйрөлөрдөгү негизги багыттарын аныктаган маанилүү документтер булар стратегиялар, концепциялар, саясаттар болуп эсептелет. Алсак, **Кыргыз Республикасынын 2030-жылдарга чейин гендердик тең укуктуулукка жетишүү боюнча улуттук стратегиясы,** Кыргызстан 2030-жылга карата аялдар жана

---

[24] КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 43-беренесинин 4-бөлүгү. 11-август, 2023-жыл, №179.
[25] КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 44-беренесинин 5-пунктунун 2-6-7-бөлүктөрү. 11-август, 2023-жыл, №179.
[26] КР Билим берүү жана илим министрлигинин пресс кызматынын билдирүүсү. https://www.facebook.com/832290326845865/posts/pfbid02nhdHxLNjXa494FGh3Xm6CdrGFskS1Bazs8snL8Yh4w Fg2aKxhbuyhUiKxtNqTbABl/?mibextid=cr9u03

эркектер, кыздар жана балдар стереотиптерден жана басмырлоодон эркин билим алууга жана тарбиялануугa негизделген жашоо стратегиясын тандоо үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон мамлекетке айланат деп белгилейт. Бул алардын эмгек рыногунда ийгиликтүү атаандаша алуусуна, өз потенциалдарын ишке ашыруусуна, коомдун жашоосуна тең укуктуу катышуусуна жана гендердик зомбулукту жоюу менен лидерлик позицияларды ээлөөсүнө жол ачат.

Бул стратегиянын максаттары жана ченемдери  билим берүү процессинин мазмунунда кыздарга жана балдарга карата гендердик стереотиптердин, майыптыгы бар адамдарга карата стереотиптердин болбошуна өтө чоң деңгээлде көңүл буруу аркылуу, билим берүү майыптыгы бар кыздар, эркек балдар үчүн мектептердин, окуу жайлардын имараттарында инфраструктуралык шарттардын түзүлүшү көз карашынан жеткиликтүү болуусунун эске алуу аркылуу ишке ашырылат. Бул майыптыгы бар кыздардын, эркек балдардын  орто мектептерде жана кесиптик билим алууларына, кесипкөйлүк көндүмдөрүн калыптандыруусуна шарттарды түзүүгө алып келет жана албетте андан ары алардын жашоосунун сапатына, экономикалык көз карандысыздыгына, стереотиптерден, зомбулуктан эркин, билимге умтулган, Кыргыз Республикасынын татыктуу жараны болуусуна  салымын кошот.

# 1-МОДУЛЬ. ГЕНДЕР ЖАНА ГЕНДЕРДИК МАМИЛЕЛЕРДИН НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Гендер жана жыныстык айырмачылык: негизги түшүнүктөр жана алардын мугалим үчүн маанилүүлүгү

Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 4-августундагы №184 «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы «гендер» (ошондой эле глоссарийди карагыла) түшүнүгүнө расмий аныктама берет, жана жыныстык белгиси боюнча бардык чектөөлөргө жол берилбейт деп белгилейт.

Бирок маалыматтын жана билимдердин жетишсиздигинен, биз окутуу процессинде өзүбүз байкабастан эле бул принципти бузуп алышыбыз мүмкүн, эрте жаш курактан баштап эле тең укуксуздуктун жана стереотиптердин бекемделишине түрткү болушубуз мүмкүн. Мисалы, окуучуларды «эркек балдар кыздарга каршы» деген тайпаларга бөлгөндө, доскага математика боюнча эркек балдарды көп чакырганыбызда, же классты коздогонго кыздарды суранганда – мына ушундай анча деле маанилүү эместей сезилген аракеттер андан ары чектөө коюууга айлана турган көз караштарды калыптандырат.

Убакыттын өтүшү менен бул кыздар лидерлик сапаттарды көрсөтүүдөн коркуусуна, ал эми эркек балдардын эмоцияларын жашыруусуна жана жардам сурап кайрылууну билбей калуусуна алып келет. Бул чектөөлөр бир гана кыздарга тиешелүү эмес – алар бирдей эле деңгээлде эркек балдарга дагы таасирин тийгизет, бардык балдарда стресс, өзүнө ишенбөөчүлүк сапаттарын калыптандырат.

- ❖ Дал ушундан улам мугалимдердин муну түшүнүүсү өтө маанилүү:
  Балдарды жынысына карап кандай гана таризде болбосун айырмалоо – бул жөн гана мугалимдик ката кетирүү эмес, а мыйзамда жана билим берүү стандарттарында бекитилген тең укуктуулук принциптерин бузуу болуп эсептелет.

Кийинки муундарга жаңылыш көз караштарды өткөрүп бербөө үчүн, биз мугалимдер биологиялык айырмачылык жана социалдык айырмачылык түшүнүктөрүнүн маанисин терең түшүнүүбүз жана бири-биринен айырмалай билүүбүз зарыл. Ошол эле учурда, инклюзивдүү жана адилеттүү билим берүүчү чөйрөнү түзүү – ар бир сөзгө, аракетке жана окуу материалына кунт коюп көңүл буруп мамиле кылуудан башталат. Бул процессте балдарда жынысынан көз карандысыз түрдө - тең укуктуулук, урмат-сый менен мамиле кылуу жана өзүнө ишенүү сезимдерин калыптандырууда мугалим негизги ролду ойнойт.

Келиңиз, бул терминдерди чогуу түшүнгөнгө аракет кылалы – жөнөкөй гана жана мисалдар аркылуу.

## ГЕНДЕР ЖАНА ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК: АЙЫРМАСЫ ЭМНЕДЕ?

Өзүңүздү чоң класстарда окуган кыз катары элестетиңиз. Ал учкуч болууну жана Учкучтарды даярдоочу окуу жайга тапшырууну кыялданат. Бирок ата-энеси ага мындай деп айтышат: «*Сага баарынан жакшысы күйөөгө тийүү жана балдар менен отуруу*». Бирок, бул анын кыялы эмес. А мына башка дагы мисал: Эркек баланын көңүлү абдан чөгүп турат, анын ыйлагысы келип жатат – бирок ал ыйлай албайт, себеби шылдыңдоого кабылам деп коркот. Себеби коомчулукта эркектерге байланыштуу кийинкидей жаңылыш көз караштар бүгүнкү күнгө чейин кеңири тараган: *«Эркек ыйлабашы керек. Көз жаштар – бул алсыздык. Алсыздык болсо – бул аялдарга тиешелүү».* Мына ушинтип балдарды жана кыздарды бири-бирин сыйлаган, колдоо көрсөткөн жана өнөктөштүк мамилени калыптандыргандын ордуна, аларды бала курагынан **бөлүшөт, карама-каршы коюшат.** Мындай жаңылыш көз караштар, чектөөлөр бардык балдардын мүмкүнчүлүктөрүн чектейт – алардын өзү менен өзү болуусуна тоскоолдуктарды жаратат. Алар колдоо көрсөтүүнүн ордуна чектөө алышат.

Ал эми чындыгында:

- **Жыныстык айырмачылык –** бул биологиялык айырмачылык.
- **Гендер –** бул кыздардын жана эркек балдардын коомдогу социалдык ролу
- **Ар бир бала** эркин тандоо жана өнүгүү укугуна ээ болушу керек.
- **Стереотиптер** балдардын потенциалдарынын ачылуусуна жана өнүгүүсүнө жардам берет.
- **Мектептин милдети –** балдарда урмат-сый менен мамиле кылууну, бири-бирине колдоо көрсөтүүнү жана тең укуктуулук принцибин түшүнүүнү калыптандыруу.

### Бүгүнкү күндө ийгиликтүүлүктү эмне аныктайт?

| **Эскирген мамиле** | **Заманбап критерийлер** |
|---|---|
| Физикалык күч | **Билимдүү болуу, акыл-эс, креативдүүлүк** |
| Гендердик ролдор | **Компетенциялар жана таланттар** |
| Кесиптерди катаал бөлүү | **Кесиптерди эркин тандоо** |

### Мисалдар:

- Программист – кыз дагы жана эркек жигит дагы болушу мүмкүн.
- Идеялар жана инновациялар – жынысынан көз каранды эмес.
- Аскердик кесиптер – көп учурда аялдар тандашат.

Бүгүнкү күндө адамдын ийгиликтүүлүгү анын жынысы аркылуу аныкталбайт. Ал жөндөмдөрдөн, ой жүгүртүүдөн, билим берүүдөн жана умтулуудан көз каранды.

**Келгиле муну реалдуу мисалдар менен бышыктайлы**

Бул **Амелия Эркхарт,** биринчи учкуч аял, жүз жыл мурун эркектер ал болгону аял болгону үчүн – ал эч качан самолетту асманга көтөрө албайт деп ойлошкон. Бирок бул нерсе анын колунан келди жана асман бир гана эркектерге тиешелүү эмес экендигин далилдеди.



Коомдук кысымга карабастан, Кыргызстан биздин мекендештерибиз калыптанып алган гендердик көз караштарга карама-каршы барган шыктандыруучу мисалдарды билет**.** **Чолпонбек Базарбаев** балет бийчиси – бул эркектин кесиби эмес деген таңууланган көз караштын алдынан каршы тосуп чыгып чыгармачыл жолду тандаган. Бул мисалдар бизди – ар бир адам өз жолун тандай ала тургандыгына үйрөттү.



Мугалимдер окуучулардын дүйнөгө болгон көз караштарына күн сайын таасирин тийгизишет. Демек, кийинкилерди түшүнүүсү абдан маанилүү: Биз бере турган көз караштар жана түшүнүктөр балдардын өзүн-өзү баалоо сезимдеринин калыптанышына жана келечегине түздөн-түз таасир этет. Мектепте балдар бири-бирин сыйлаган, колдогон жана өз оюн эркин билдире алган шартта өсө турган тең укуктуу чөйрөнү түзүү зарыл.

Демек, гендердик тең укуктуулук – кыздардын жана балдардын, аялдардын жана эркектердин биологиялык жынысынан көз карандысыз түрдө өздөрүнүн социалдык ролдорун эркин жана аң сезимдүү түрдө тандоосу. Жыныстык айырмачылык жана гендер – бул экөө тең бир эле нерсе деген жаңылыш көз караш жайылган. Жыныстык айырмачылык биология тарабынан, ал эми гендер – коом тарабынан аныкталат. Көп учурда гендердик көз караштар негизсиз жана зыяндуу, өзгөчө балдардын өнүгүүсү үчүн.

Бул айырмачылыктарды түшүнүү – кыйла адилеттүү жана колдоо көрсөтө алган чөйрөнү түзүүгө карата биринчи кадам. Кийинки бөлүктө биз биологиялык жана социалдык жыныс иш жүзүндө кандайча пайда боло тургандыгын жана алар бири-биринен принципиалдуу түрдө эмнеси менен айырмаланарын карап чыгабыз.

## 1.2. Биологиялык айырмачылыктын жана социалдык айырмачылыктын ортосундагы айырмачылык

«Жыныстык айырмачылык» жана «социалдык ролдор» түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмачылыктарды түшүнүүгө бизге жөнөкөй көнүгүү жардам берет. Флипчарт барагын алабыз жана аны ортосунан теңме тең экиге бөлөбүз. Бир тарабына «Ж» тамгасы жазылган бир тарабына аялдарга салттык түрдө тийиштүү болгон социалдык ролдорду жана сапаттарды жазып чыгабыз, ал эми экинчи тарабына «М» салттык түрдө эркектерге тиешелүү деп эсептелген функцияларды жазып чыгабыз.

**«Акыл-эс чабуулу» усулунан мисалдар:**

**Аялдар:**



Апа
Кожойке, жубай
Үйдүн кутун сактоочу
Тарбиячы
Пол жуугуч
Повариха
Дипломат
Маданиятты алып жүрүүчү

**Эркектер:**



Үй-бүлөнүн башчысы
Киреше алып келүүчү адам
Ата
Кожоюн
Тарбиячы
Коргоочу
Таяныч
Ташуучу

Көнүгүүнү аткарып аяктаган жана стикерлердин алмаштыргандан кийин маанилүү учур – анализдөө учуру болуп саналат. Биз, бардык аталып өткөн сапаттар жана ролдор – **эркектерге дагы, жана аялдарга дагы тиешелүү экендигин, бири-бирин алмаштыра ала тургандыгын көрүп турабыз.** Аял киреше табуучу боло алат, ал эми эркек - камкор ата боло алат. Ролдордун бирөөсү дагы артыкчылыктуу түрдө бир эле жыныстын өкүлүнө бекитилип коюлган эмес. Демек, бир дагы роль же мүнөздөмөлөр артыкчылыктуу түрдө аныкталган бир жыныстын өкүлүнө бекитилип берилген эмес.


### Бул эмнени далилдейт?


Бул көнүгүү ачык көрсөтүп жатат: аялдын жана эркек адамдын жанында жазылган ролдору - бул тубаса эмес же төрөлгөндө эле алар менен чогуу төрөлгөн эмес, ал эми чындыгында бул ролдор тарбиялоонун, социалдык күтүүлөрдүн жана маданий ченемдердин жыйынтыгында калыптанат. Алар биологиялык зарылдыкты эмес, тарыхый жана коомдук динамиканы чагылдырып турат.

Мына ошентип, биз «жыныстык айырмачылык» жана «гендер» түшүнүктөрүнүн ортосундагы негизги айырмаылыкты– тең укуктуу жана инклюзивдүү билим берүүчү мейкиндикти калыптандыруу үчүн чечүүчү ролду ойного айырмачылыкты түшүнүүгө келип жеттик.

- **Жыныстык айырмачылык (биологиялык)** – бул төрөлгөндө эле ошо бериле турган дене бойлук мүнөздөмөлөр: хромосомалар, анатомия, физиология.
- **Гендер (социалдык)** –бул анын алдында ким тургандыгынан – кызбы же эркек балабы көз карандысыз түрдө аял менен эркектин үйдө, коомдо, мамлекетте аткара турган ролу.

Демек, айрым кесиптер же жүрүм-турум аялдарга же эркектерге «жарашпайт» деген пикир — бул бул обьективдүү реалдуулуктан улам эмес, а тескеринче стереотиптер менен бекемделген шаблондуу көз караш.






**Демек,** коомдогу адамдын ролун анын жынысы эмес, анын жөндөмдүүлүктөрү, кызыкчылыктары жана жеке тандоосу аныктайт. Эркек адам тарбиячы боло алат, аял болсо – архитектор боло алат. Муну түшүнүү – билим берүүдөгү инклюзивдүү ыкманын негизи. «Гендер» түшүнүгү аялдарга дагы, ошондой эле эркектерге дагы тиешелүү, ал эми ролдор социализациялануу аркылуу - үй-бүлөнүн, мектептин, маданий чөйрөнүн жана медианын таасири астында калыптанат. Ошондуктан, мугалимдин милдети – бул таасирлерди таануу жана окутууну стереотиптерсиз уюштуруу.

## 1.3. Муну сабак берүүдө сактоо эмне үчүн маанилүү?

### *Бул тема эмне үчүн маанилүү?*

Заманбап билим берүүдө мугалим – бир гана билимдерди алып жүрүүчү эмес, ал баалуулуктардын тарбиячысы. Анын негизги милдеттеринин бири стереотиптерден эркин чөйрөнү түзүү, мындай чөйрөдө ар бир бала жынысынан, жөндөмдүүлүктөрүнөн же келип чыгуусунан (социалдык абалынан) көз карандысыз түрдө – өзүн **урматталган, кабыл алынган жана сөзү угулгандай сезет.**

**Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейинки гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегиясы баса белгилейт:**

– Билим берүү басмырлоодон жана стереотиптерден эркин болушу керек.
– Мугалим – өзгөрүүлөрдөгү негизги фигура.

Мисалы:
Инженер болууну кыялданган кыз, жана исскуствого кызыккан бала, - экөө тең стереотиптердин кысым көрсөтүүсүнөн эркин түрдө өз жолун тандоого укуктуу.

### *Стереотиптер мектепте кантип пайда болот?*

- ❖ Мугалимдин сүйлөгөн сөздөрүндө  же жүрүм-туруму аркылуу пайда болот, анда окуучулардын аракеттерин талкуулоо алардын жынысы менен байланыштырылат – мисалы: «Сен деген кызсың да, эмнеге тыкан эмессиң?» же «Сен деген эркексиң да, эмне үчүн активдүү эмессиң?» - булар стереотиптүү аракеттер болуп эсептелет.
- ❖ Так илимдер боюнча сабак өтүп жаткан учурда эркек балдарды доскага көп чакыруу, ошондой эле так илимдер эркек балдар үчүн, ал эми гуманитардык илимдер -  кыздар үчүн деген стереотиптерди окутуу учурунда колдонуу.
- ❖ «Классты коолдоону» кыздарга тапшыруу.

Бул аракеттер – жөн гана адатка айланып калган көндүмдөр эмес, а булар эркек балдарда дагы, ошондой эле кыздар үчүн дагы гендердик стереотиптерди калыптандырат. Андан ары болсо алар  жыныстык белгиси боюнча басмырлоо жана зомбулук үчүн шарттарды түзөт, Алар ошондой эле, кыздардын дагы жана ошондой эле эркек балдардын дагы өзүн өзү баалоо сезимдеринин төмөн болуп калыптануусуна жол ачат: «мен бул кесипке, бул ролго татыктуу эмесмин», ал эми эркек балдарда  - үй-бүлөнүн жана коомдун жашоосунда аялдын ролу экинчи орунда турат деген ишенимдин, көз караштын калыптануусуна түрткү болот. Мунун баары гендердик жактан так эмес түшүнүктөрдү бекемдейт жана бардык окуучулардын билим алуу жөндөмдүүлүктөрүн чектейт.

### *Бүгүнкү күндөн баштап эмнени жасасак болот?*

- ✓ **Нейтралдуу сүйлөө**
- ✓ **Бирдей мүмкүнчүлүктөрдү жана ролдорду берүү**
- ✓ **Сабактардын мазмундарына жана ОУК мисалдарга талдоо жүргүзүү, ошондой эле гендердик стеретиптерди колдонууга жол бербөө**
- ✓ **Класста баарынын үнү бирдей угулуп туруучу мейкиндикти түзүү.**

Инклюзивдүү мектеп – бул теория эмес, а мугалимден башталуучу практика. Анын сүйлөгөн сөзү, аракеттери жана мамилеси туруктуу жана адилеттүү коом үчүн негизди түзөт.

# БИРИНЧИ МОДУЛГА КАРАТА МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР ЖАНА КУРАЛДАР

## 1) Мазмунун пландаштыруу: гендердик стереотиптерден эркин окутуу чөйрөсүн түзүү

| Кадам | Сыпаттамасы |
|---|---|
| 1. Окуу тексттерин жана тапшырмаларды текшериңиз. | Аткарган ролдору жынысына өтө байланган сөздүк билдирүүлөрдү издеңиз (мисалы: «кыз - жардамчы», «эркек бала - коргоочу»). |
| 2. Стереотиптүү образдарды алмаштырыңыз. | Гендердик жактан нейтралдуу же ар түрдүү мисалдарды колдонуңуз:<br>– Окумуштуу: эркек жана аял<br>– Тарбиячы: эки жыныстын тең өкүлү<br>– Долбоордун лидери: кыз, бала же биргелешкен команда |
| 3. Тең салмактуу сүрөттөрдү колдонуңуз | Окуу материалдарында бардык жыныстын өкүлдөрүн ар түрдүү социалдык жана кесиптик ролдордо бирдей катышуусун көрсөтүүгө аракет кылыңыз. |

### ⦿ *Гендердик жактан сезимтал үлгүлүү сүйлөмдөр:*

| Стереотиптүү сүйлөм | Эмне үчүн колдонбоо керек | Анын ордуна минтип айт: |
|---|---|---|
| **«Эркек балдар тапшырмаларды чыгарышат, кыздар класcты коомдошот»** | Ролдорду чектөөнү бекемдейт, кыздардан так илимдер жаатындагы ийгиликтерди күтүүнү төмөндөтөт | Алгач бардык окуучулар тапшырмаларды чечишет, андан соң класcты кантип коомдоо керек экендигин чогуу пландашат. |
| **«Аял – үй очогунун сактоочусу»** | Аялдын социалдык ролун бир гана үй-бүлөнүн алкагында чектейт | Ар бир адам жынысына карабастан үй-бүлөсүнө кам көрө алат жана үйдөгү жагымдуу маанайды түзө алат |
| **«Эркек – акча табуучу»** | Эркектин кам көрүүчү жана тарбиялоочу ролун четке кагат | Үй-бүлөсүнө колдоо көрсөтүүчүнүн же багуучунун ролун ар бир адам аткара алат – үй-бүлөдө бири-бирин сыйлоо жана өз ара түшүнүшүү маанилүү |

## 2) Окутуу бейнелери: окуу материалдарында стереотиптерди кантип аныктоо жана четтеттүү керек

Төмөндө гендердик жактан сезимтал эмес фразалардын, тапшырмалардын жана сүрөттөрдүн үлгүлөрү келтирилген. Ар бир бейне тең укуктуу жана инклюзивдүү билим берүүчү чөйрөнү түзүү үчүн анын мазмунун кантип адаптациялоо керек экендиги жөнүндө талдоо жүргүзүү жана практикалык чечимдер менен коштолот.

**Окуу китебинен фрагмент:**

«Кыздар сүрөттү жакшы тартышат, ал эми эркек балдар эсепти мыкты чыгарышат».

✘ **Көйгөй:**
Мындай түзүлгөн сүйлөмдөр адамдын жөндөмдүүлүктөрү анын жынысынан көз каранды деген жалган көз карашты түзөт. Бул эгерде бала мындай күтүүлөргө шайкеш келе албаса, анын өзүнө ишенүү сапатынын калыптануусуна тескери таасирин тийгизиши мүмкүн.

❖ **Талдоо жүргүзүү:**
Стереотиптик жалпылоо. Жөндөмдүүлүктөр тубаса айырмаланат, а тажрыйба аркылуу өнүкпөйт деген божомолду берип жатат.

✓ **Төмөнкүчө адаптациялай аласыз:**

«Ар бир бала жынысына карабастан ар түрдүү чөйрөлөрдө ийгиликке жетишүүсү мүмкүн – кимдир-бирөө эсептерди чыгарганды, кимдир-бирөө сүрөт тартканды жакшы көрөт. Жаңы нерселерди байкап көрүү жана өнүгүү маанилүү».

## БИРИНЧИ МОДУЛЬ БОЮНЧА МУГАЛИМ ҮЧҮН ТЕКШЕРҮҮ БАРАКЧАСЫ

**Белгилеңиз, сиз өзүңүздүн тажрыйбаңызда эмнени колдонуп жатасыз же эмнени эске алууга даярсыз:**

**Түшүнүктөрдү түшүнүү:**

☐ Мен биологиялык жынысты социалдык ролдон (гендер) айырмалайм.
☐ Мен стереотиптер бардык балдардын – кыздардын дагы жана балдардын дагы жеке өзүн баалоо сезимине жана өнүгүүсүнө таасирин тийгизерин түшүнөм.
☐ Мен гендердик көз караштар эрте жаш курактан баштап – анын ичинде мектепте калыптанарын билем жана адам укуктарын сыйлоого негизделген баалуулуктарды калыптандырууга өзүмдүн салымымды кошуум абдан маанилүү экендигин түшүнөм.

**Байланышуу жана мугалимдин тили**

☐ Мен гендердик жактан нейтралдуу кайрылууларды колдонууга аракет кылам (Мисалы, «Эркек балдар, кана жооп беребиз!» - дегендин ордуна «Ким даяр?» дейбиз).
☐ Мен «Сен деген эркек баласың да – ыйлаба, же «Сен кызсың – токтоо болсоң» деген стереотиптик фразалардан алыс болом».
☐ Мен тапшырмаларды ролдорду жынысына карап бөлүштүрбөй түзүү керек экендигин түшүнөм.

**Материалдар жана мисалдар**

☐ Мен ар түрдүү ролдук моделдерди колдоном (аял-инженер, эркек-тарбиячы ж.б.)
☐ Мен окуу тексттерин жана сүрөттөрдү гендердик стереотиптер барбы же жокпу текшерем.
☐ Мен стереотиптерди камтыган тапшырмаларды кандайча кайра түзүү керектигин билем.

**Окуучулар менен өз ара аракеттенишүү**

☐ Мен жынысынан көз карандысыз түрдө – баары үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү бергенге аракет кылам.
☐ Мен окуучулардын өздөрүнүн гендердик көз караштарын байкайм жана ага туура реакция кылам.

**Өзүн өзү анализдөө**

☐ Мен жеке өзүмдүн ишенимдеринин үстүнөн ойлоном жана жаңы нерсени үйрөнгөнгө даярмын.
☐ Мен ар бир бала өзүнө карата урматтоо менен мамиле жасалып жатканын сезген, коопсуз жана колдоо көрсөткөн чөйрөнү түзүүнү маанилүү деп эсептейм.

# 2-МОДУЛЬ ГЕНДЕРДИК СТЕРЕОТИПТЕРДИ КОЛДОНУУ ЖАНА АНЫН КЕСЕПЕТТЕРИ

## 2.1 Гендердик стереотиптер түшүнүгү: аныктамасы жана мисалдар

**Гендердик стереотиптер** – тиешелүү мезгилде тиешелүү коом үчүн эркек менен аялдын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө туруктуу түшүнүктөр.[27]

Адам али төрөлө элек жатып дагы гендедик стереотиптердин таасирине кабылат: биз кыздар жана эркек балдар үчүн белгилүү бир түстөгү кийимди жана балдар арабасын тандайбыз. Андан кийин оюнчук сатып алабыз: кыздарга – куурчактарды жана идиш-аяктарды, эркек балдарга – машинелерди жана тапанчаларды.

Биздин өлкөдө ошондой эле аялдарга жана эркектерге тиешелүү, алардын жүрүм-турумдарына үй-бүлөдөгү ролдоруна жана кесиптик ишмердүүлүгүнө тиешелүү гендердик стереотиптер кеңири тарап кеткен. Мындай стереотиптер жөнүндө мисалдарды келтире турган болсок, аялга тиешелүү ролдор боюнча айтканда дароо «алсыз жыныстын өкүлү» катары элестетишет, аялдардын өз мүмкүнчүлүктөрүн эркектер менен бирдей ишке ашыруусун ишке ашырууга тоскоол болгон жасалма чектөөлөрдү киргизишет. Мындай көз караштар чындыкка дал келбеген күтүүлөрдү пайда кылат, мындан улам кыздар жана аялдар басмырлоого, зомбулукка кабылышат жана билимдин, жумуш менен камсыз болуунун жана кесибин эркин тандоонун жеткиликтүүлүгүнөн четтеп калышат. Мисалы, кыздын ийгиликтүүлүгү бир гана күйөөгө чыгып ордун табат деген стереотиптик көз караш бар. Ушул көз карашты жетекчиликке алып, кыздарды эрте жаш курагында (18 жашка чейин) эң жок дегенде орто билим алуу жана өзүнүн жеке потенциалын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратышат. Бул үй-бүлөлүк зомбулукка кабылуу, эрте кош бойлуулук, ошондой эле энелердин жана ымыркайлардын өлүмү тобокелчилигин маанилүү деңгээлде жогорулатат.

| Кыздар жөнүндө стереотиптер | Кесепеттери |
| --- | --- |
| **Техника илимдери кыздар үчүн эмес, алар көбүнчө гуманитарий болушат** | Так илимдерге кызыгууну колдоого алышпайт, STEM-багытындагы күтүүлөр төмөндөйт. |
| **Эң негизгиси – тил алчаак болуусу керек** | Кыздарды көбүнчө унчукпоого, «талашпоого», токтоо жана жоош болууга үйрөтүшөт, бул болсо алардын демилгечилдик жана сынчыл ой жүгүртүү жөндөмдөрүн басаңдатат. |
| **Ал (кыз) аракет кылып жатат, бирок эркек балдар батыраак кабыл алышат** | Кыздардын жөндөмдүүлүгүнө болгон күтүү деңгээли төмөн болгон стереотип. |
| **Кыз бала лидер болбой койс деле болот** | Лидерлик, класстын старостасы же долбоордун жетекчиси сыяктуу ролдорду ал тургай кыз бала көбүрөөк жөндөмдүү болсо да, көпчүлүк учурда уул балага беришет. Мындан сырткары, кыздардын, ошондой эле эркек балдардын дагы сырткы |

[27] КР Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө, 4-август, 2008-жыл, N 184.

| | |
|---|---|
| | келбетине, кийимне баа берүү, алардын өзүн өзү баалоо сапатынын төмөндөп кетүүсүнө алып келет. |
| **Кыздар тарбиячы, мед айым же мугалим кесиптерин эле тандап алышса болот** | Кесиптик багыттарды чектөө айрым кесиптерди «салттык түрдө аялдардыкы» деп бөлүп коюуга чейин жеткирүүдө. Бул кыздардын карьералык жана билим алуу максаттарына кайдыгер мамиле кылууга чейин жеткирет |
| **Аялдардын логикасы – башкача** | Аялдардын ой жүгүртүүсү «логикага жатпайт» деген түшүнүктү кыйытып айтуу, басынтуу |

Стереотиптер кыздар менен аялдарды гана эмес, эркек балдар менен эркектерге да зыян алып келет. «Эркектүүлүктүн» таасири – сезимдерди билдирүүгө, өзүнө кам көрүүгө тыюу салуу – ден соолугуна тиешелүү көйгөйлөрдү четке кагууга, тобокелчиликтүү жүрүм-турумга жана эрте көз жумуунун жогору болушуна алып келет. Мисалга, Кыргызстандагы эркектер менен аялдардын орточо жашоо узактыгынын айырмасын келтирүүгө болот: эркектер орточо 8 жылга кыска жашайт, бул жарым-жартылай алардын стереотиптерди жетекчиликке алып медициналык жардамга аз кайрылуулары менен байланыштуу.

| **Эркек балдар жөнүндө стереотиптер** | **Кесепеттери** |
|---|---|
| **Эркек балдар табиятынан эле начар окушат** | Тактыкка, көңүл буруу жөндөмүнө жана окуудагы жетишкендиктерге болгон жөндөмдүүлүгүн төмөн баалоо. |
| **Чыныгы эркек балдар ыйлашпайт** | Сезимдерди билдирүүгө тыюу салуу эмоционалдык жабыктыкка, агрессияга жана алсыздыкка болгон коркууга алып келет. |
| **Эркек балдарга окуу же жазуу кызыксыз, алар көбүрөөк техникалык нерселерге жакын болот деп эсептелет** | Окуу предметтерин жасалма түрдө бөлүү адабиятка, тилдерге жана искусствого болгон кызыгууну өнүктүрүүгө тоскоол болушу мүмкүн |
| **Ал уул бала болгондуктан сылык же камкор болушу милдет эмес** | Жүрүм-турумгуна жана башкаларга көңүл буруу жөндөмүнө карата талаптардын төмөн коюлушу, бул башкаларга карата мамиледеги жоопкерчиликсиздикке алып келиши мүмкүн |
| **Эркек балдарга окууга караганда спорт маанилүү** | Физикалык активдүүлүктү ашыкча баалап, окууга шыктандырууга кайдыгер мамиле жасоо |
| **Эркек күчтүү болушу керек жана даттанбайт** | Чыныгы эркекчилик жөнүндө кесепеттүү көз караш, бул кичинекей, өспүрүм эркек балдардын аларга карата зомбулук окуяларында жардам сурап кайрылуусуна тоскоолдуктарды жаратат. Майып болуп калуу, өмүр менен кош айтышуу сыяктуу кесепеттерге жеткириши мүмкүн |
| **Эркек балдар – табиятынан эле бейбаштар** | Активдүү жүрүм-турумду ашыкча чечмелөө. Бул ушул стереотипке таянып |

| | |
|---|---|
| | эркек балдардын кыздарга, теңтуштарына, класссташтарына, өзүнөн кичүү куракткы балдараг карата жоопкерчиликсиз мамилесине алып келиши мүмкүн. |

**Ошондой эле, майыптыгы бар кыздарга жана аялдарга карата да стереотиптер бар. Келгиле, аларды карап чыгып, жыйынтык чыгаралы:**

| Майыптыгы бар кыздарга жана аялдарга карата стереотиптер | А реалдуулук кандай? |
|---|---|
| **Майыптыгы бар кыз же аял дайыма жардамга муктаж** | Майыптыгы бар кыз же аял өз алдынча жашай алат жана жашайт. Ар бир адам сыяктуу эле, ал өз шарттарына жараша жашоону багыттап, убакыт өтүшү менен өз турмушун ыңгайлаштырып, жайгаштырып алат. |
| **Майыптыгы бар кыздарга толук кандуу билим берүүнүн кереги жок, анткени алар өздөрүн турмушта ишке ашыра алышпайт.** | Көптөгөн майыптыгы бар кыздар жогорку билим алып, ар түрдүү тармактарда ийгиликтүү иштеп, коомго чоң салым кошуп келишет. Башкысы — жеткиликтүү чөйрө жана колдоо. |
| **Майыптыгы бар кыздар башкалар менен бирге окуй алышпайт, алар үчүн өзүнчө билим берүү керек.** | Инклюзивдүү билим берүү натыйжалуу экенин далилдеген — балдар бири-бири менен байланыш түзүп үйрөнүшөт, ал эми майыптыгы бар кыздар өз жөндөмдөрүн жана өзүнө ишенимин ачышат. |
| **Майыптыгы бар аялдардын жашоо образы башка адамдардан таптакыр айырмаланат.** | Майыптыгы аял да башка аялдардай эле. Ал да тамак жасайт, Instagram'да баракча алып барат, жана башкалардай эле алдыдагы чакырылган майрамга кандай көйнөк кийип барууну ойлоп, санааркайт. |
| **Майыптыгы бар аялдар лидер болууга же жетекчилик кызматтарды ээлөөгө жөндөмсүз, анткени мындай кызматтарга "өзгөчө сапаттар" керек.** | Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда дагы майыптыгы бар аялдар саясатта, ишкердикте, спортто, илимде жана укук коргоо тармагында ийгиликтүү лидерлик кылып жатышат. Лидерлик — бул мүмкүнчүлүк эмес, жөндөм жана билим менен аныкталат. |

Мына ушундайча билим берүүдөгү стереотиптер окуучулардын өнүгүүсүндө ар бир окуучуга тоскоолдуктарды жаратып гана тим болбостон, ошондой эле бирдей билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнүн жеткиликтүүлүгүн оорлотуучу тутумдуу (системдүү) чектөөлөрдү пайда кылат. **Гендердик стереотиптер мектеп чөйрөсүнө кирип аралашып кетип жатат: алар окуу материалдарында, мугалимдердин күтүүлөрүндө, сабак учурундагы жана сабактан сырткаркы иш-чаралардагы ролдорду бөлүштүрүүдө байкалууда.** Кыздар «табиятынан» эле гуманитардык билимдерге шыктуу, а эркек балдар так илимдерге шыктуу деген күтүү, кыздардын лидер болуусунан же STEM-багыттагы жетишкендигинен күтүүлөрдү стереотиптерге таянып алып эле төмөн кылып коюу – мунун баары окуучулардын өзүнө ишенүү сапатын жана потенциалын төмөндөтөт. Мындай көз караштар ар бир бала жынысынан көз карандысыз түрдө өзүнүн жеке потенциалын ишке ашыра ала турган адилеттүү жана инклюзивдүү билим берүү чөйрөсүн түзүүгө тоскоолдуктарды жаратат. Көйгөйгө кайдыгер карап коюу же аны актоо тең

укуксуздукту жактоого, билим берүү тутумуна ишенимди төмөндөтүүгө алып келет жана социалдык прогрессти кечеңдетет.
Гендердик стереотиптер коомго көбүнчө кыйратуучу таасирин тийгизет: алар адамдын жеке өнүгүүсүн чектеп, теңдик жана адилеттүүлүк принциптерин бузуп, ар бир адамдын потенциалын ишке ашырууга тоскоол болот. Заманбап дүйнө ийгиликке жетүүнүн жаңы талаптарын коёт, алар жыныстык айырмачылыгына, дене бойлук өзгөчөлүктөргө же социалдык ролдорго көз каранды эмес. Бирок кылымдар бою калыптанган стереотиптер азыр да адамдардын аң сезимине жана жүрүм-турумуна, айрыкча кыздар менен аялдарга, ошондой эле уул балдар менен эркектерге таасир этүүдө.

Гендердик стереотиптер кыздар менен балдардын жүрүм-турумуна жана тандоолоруна таасир этүүсүн улантууда, алардын потенциалын өнүктүрүүгө тоскоол болот. Бул жеке өсүүгө гана эмес, жалпы коомдук өнүгүүгө да терс таасирин тийгизет. Бул стереотиптерди жоюу үчүн мамлекеттин, билим берүү тутумунун, коомдун жана ар бир жарандын күч-аракети талап кылынат. Өзгөрүү мүмкүн – бул инклюзивдүү маданиятты калыптандыруу, укуктук сабаттуулук жана бардык жарандар үчүн тең укуктуу мүмкүнчүлүктөрдү камсыздоо аркылуу ишке ашат.

**Билим берүүдөгү гендердик стереотиптер** баланын өз мүмкүнчүлүктөрүнө болгон көз карашына таасир этет, кесип тандоону чектейт, өзүнө болгон ишенимди жана окууга болгон мотивацияны төмөндөтөт. Алар мугалимдердин күтүүлөрү, окуу материалдарынын мазмуну жана класстагы ролдорду бөлүштүрүү аркылуу кайталанат.
Стереотиптерди жоюу боюнча иштер билим берүү процессинин катышуучуларынын ар биринен аң-сезимдүү мамилени талап кылат. Инклюзивдүү жана адилеттүү чөйрөнү түзүү ар бир окуучуга – жынысына карабастан – өзүнүн потенциалын ачууга жана коомдун өнүгүшүнө салым кошууга шарт түзөт.

## 2.2. Гендердик стереотиптер эмне үчүн кесепеттүү (зыяндуу): жеке адамга жана коомго тийгизген таасири

### Инсандын өнүгүүсүн чектейт

- Кыздардын жана эркек балдардын дагы активдүү болуусун, лидерликке умтулуусун чектейт жана кесипти шык-жөндөмүнө карап тандоого эмес, «аялдык кесип», «эркектик кесип» деп бөлүнүүсүнө алып келет. Бири-бирине карата өнөктөш колдоочу, дос, теңтуш катары мамиле жасоого эмес, жынысына карап бөлүнүү, карама-каршы коюу аң сезиминин калыптанышына алып келет.
- «Аялдык роль» үчүн зомбулукка чыдоого, ал эми «эркектик роль» деген стереотипке таянып зомбулук жасоого жана жүрүм-турумдун бул моделине негиздеп зомбулукту актоого түртөт.

### Гендердик теңсиздикти чыңдайт

- Кесип тандоодогу жөндөмүнө, шыгына карап эмес, шаблондуу, таңууланган көз карашка негиздеп тандоонун улануусуна алып келет.
- Аялдардын экономикага катышуусун, көз карандысыз киреше таба алуусун, эркектердин болсо, өзү сүйгөн, шык-жөндөмүнө жараша кесипте иштөөсүн чектейт.

### Психологиялык ден соолугуна кесепеттерин тийгизет

- Күтүүлөргө шайкеш келе албаган адамдар кысымга жана басмырлоого кабылышат.
- Кеңири тараган мисалдар: «эркек ыйлабашы керек», «үйдө жардам берсе, анда эркек эмес», «Кыздын бараар жери – күйөө», «эркек алсыз болбош керек».

### Айырмачылыктардын реалдуулугун бузат

- Стереотиптер ар бир адамдын жекече өзгөчөлүгүнө, тажрыйбасына жана жөндөмдөрүнө кайдыгер мамиле жасоо менен, аялдын жана эркектин ортосундагы айырмачылыктарды ашыкча, реалдуу эмес чечмелөөгө алып келет.

## БУЛАРДЫН ТАБИЯТЫ ЭКИ БАШКАЧАБЫ, ЖЕ БИЗ УШУНДАЙ КЫЛЫП БӨЛҮП ЖАТАБЫЗБЫ?



- Бири-бирине өнөктөш, колдоочу,
- камкорчу, кеңешчи;
- экөө тең билимдүү, ден соолуктарына кам көрүшөт, жоопкерчиликтүү;
- экөө тең өзүн өзү урматтайт, ишенимдүү;
- экөөнүн ортосундагы ролдор адилеттүү бөлүштүрүлгөн;
- экөө тең өзүн өзү өнүктүрөт;

**КЫЗ ДАГЫ, УУЛ ДАГЫ БИРГЕЛИКТЕ КООПСУЗ, ЗОМБУЛУКСУЗ МЕЙКИНДИКТИ ҮЙДӨ, КӨЧӨДӨ, КООМДО ТҮЗӨ АЛЫШАТ!**



## 2.3. Тарыхый-маданий контекст: аялдардын кыргыз коомундагы ролу, гендердик стереотиптерди жокко чыгарган мисалдар

Кыргыз элинин маданиятында аял затына болгон мамиле бай тарыхка ээ. Байыркы түрк көчмөн коомунда аялдар жогору бааланып, акылмандык, күч, эрдик жана үй-бүлөлүк очокту сактоо менен байланышкан. Умай Эне — эненин ыйык символу катары, ал эми Тумар ханышасы — баатыр аялдын элеси катары эл эсинде калган. “Манас” эпосунда Каныкей, Чыйырды, Айчүрөк, Кыз Сайкал сыяктуу аялдар акылдуу, эр жүрөк, коомдук турмушка активдүү катышкан инсандар катары сүрөттөлөт.

Көчмөн коомдо аялдардын өз алдынчалуулугу кеңири таанылган. Алар үй-бүлөнүн негизги таянычы, салтты сактоочу катары чоң ролду ойногон. Элдик макал-лакаптарда да аялга карата урматтоо баса белгиленет: *«Кыздын кырк чачы улуу», «бейиш эненин таманында» ж.б.*

Социалдык-тарыхый өнүгүү учурунда аялдардын коомдогу ролу өзгөрүп келген. Ислам динин кабыл алгандан кийин, айрым учурда аялдардын мүмкүнчүлүктөрү чектеле баштаган. Бирок бул өзгөрүүлөргө карабастан, кыргыз эли аялдардын коомдогу салымын тааныган. Курманжан Датка — аялдын лидерлик дараметинин көрүнүктүү мисалы болуп саналат.

Совет мезгили аялдардын коомдук жана экономикалык жашоого активдүү тартылышына өбөлгө түздү. Алар билимге ээ болуп, иштеп, саясий турмушка катыша баштašты. Согуш жылдарында аялдар «эркек» кесиптерин өздөштүрүп, өндүрүш менен айыл чарба тармагын көтөрүштү. Бул аялдын орду тууралуу салттуу стереотиптерди өзгөрттү.

Эгемендүүлүк мезгили аялдарга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү да, көйгөйлөрдү да алып келди. Ишкерликке тартылуу өзүн-өзү ишенимдүү сезүүгө түрткү болду, бирок ошол эле учурда жумушсуздук, түйшүктүн көбөйүшү жана салттуу ролдордун кысымы күч бойдон калды. Ошол эле учурда аялдар өзүн лидер катары көрсөтүп, коомдук турмушка таасир эте баштады.

### Мугалимдер үчүн ой жүгүртүү үчүн негизги ойлор:

- **Аялдардын тарыхтагы жана маданияттагы орду** — сабактарда тарыхый мисалдарды колдонуп, кыздардын өзүнө ишенимин бекемдөө.
- **Гендердик стереотиптерди болтурбоо** — мугалимдер ар бир окуучунун мүмкүнчүлүгүн жана жөндөмүн жынысына карабай баалоосу маанилүү.
- **Урматтоо жана инклюзия** — мектеп чөйрөсүндө зомбулуктан эркин, урматтоого жана теңдикке негизделген мамилени калыптандыруу.

## ЭКИНЧИ МОДУЛГА КАРАТА МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР ЖАНА КУРАЛДАР

### 3) Мазмунун пландаштыруу: гендердик стереотиптерден эркин окутуу чөйрөсүн түзүү

| Кадам | Сыпаттамасы |
|---|---|
| 1.Тексттердин мазмунун талдоо | Тапшырмалар жана тексттер гендердик стереотиптерди камтыган мазмунда эмеспи көңүл буруңуз. |
| 2. Сүрөттөрдү жана мисалдарды алмаштырыңыз. | Ар түрдүү ролдук моделдерди колдонуңуз: аял-программист, эркек-мугалим, кыз-лидер |
| 3. Тапшырмаларды түзүү | Жынысына карап бөлүп тапшырма берүүдөн алыс болуңуз. Мисалы: «Балдар чечим кабыл алышат» дегендин ордуна «Долбоорду ким алып барууну каалайт?»-деп түзүңүз. |
| 4. Стереотиптер менен иштөө | Класста социалдык ролдор кандай калыптанарын үзгүлтүксүз түрдө талкуулаңыз. Ой жүгүртүүгө түрткү бериңиз. |
| 5. Баа берүүгө карата гендердик-сезимтал мамиле | Окуучулардын (кыздардын/балдардын) күтүүлөрүн жынысына карап төмөндөтпөңүз. Сырткы келбетине, жүрүм-турумуна комментарий бербеңиз, көңүлдү аракеттерине жана өнүгүүсүнө буруңуз. |

⦿ ***Гендердик жактан сезимтал үлгүлүү сүйлөмдөр:***

| Стереотиптүү сүйлөм | Эмне үчүн колдонбоо керек | Анын ордуна минтип айт: |
|---|---|---|
| **«Кыздар так илимдер үчүн жаралган эмес»** | Күтүүлөрдү төмөндөтөт, STEMге катышуудан алыстат, четтетет | «Эгерде кызыгуу жана аракет болсо, ар бир окуучу илимде ийгиликтүү боло алат» |
| **«Эркек балдар – күчтүү болушу керек»** | Эрдик моделин күчкө таянуу жана тобокелчилик аркылуу таңуулайт | «Ар бир адам коомчулукка өз жолу – ак ниеттүүлүгү, акылы, таланты менен маанилүү» |
| **«Кыздар –үйдүн очогун сактоочулар»** | лидерликти, тандоо эркиндигин четке чыгаруу менен кыздардын, аялдардын ролун үй менен чектеп жатат | «Үйдөгү жылуулукту сактоо – бул камкордук жана ал баарынын жалпы жоопкерчилиги» |
| **«Эркек балдар ыйлабашы керек»** | Эмоцияны чыгарууга жол бербей, эмоционалдык четтөөгө алып келет | «Ыйлоо – бул нормалдуу нерсе. Биз баарыбыз эмоцияны ар түрдүүчө сезебиз жана билдиребиз» |

### 4) Окутуу бейнелери: окуу материалдарында стереотиптерди кантип аныктоо жана четтеттүү керек

Төмөндө гендердик жактан сезимтал эмес фразалардын, тапшырмалардын жана сүрөттөрдүн үлгүлөрү келтирилген. Ар бир бейне тең укуктуу жана инклюзивдүү билим берүүчү чөйрөнү түзүү үчүн анын мазмунун кантип адаптациялоо керек экендиги жөнүндө талдоо жүргүзүү жана практикалык чечимдер менен коштолот.

**Окуу китебинен фрагмент:**

«Эркек бала – инженер, кыз – жардамчы».

- ✖ **Көйгөй:**
  Ролдордун ачык көрүнгөн иерархиясы, эркек бала-башкы ролдо – кыз экинчи ролдо.

- ❖ **Талдоо жүргүзүү:**
  Бул сүйлөм же билдирүү татаал кесиптер эркек балдарга арналган, кыздарга болсо жардамчы роль бөлүштүрүлгөн деген гендердик иерархияны бекемдеп жатат.

- ✓ **Төмөнкүчө адаптациялай аласыз:**

  Кыз жана эркек бала экөө тең бирдей абалда чогуу долбоордун үстүнөн иштеп жаткан, талкуулап жаткан, чогуу чийип, изилдеп жаткан образга алмаштыруу.

## ЭКИНЧИ МОДУЛЬ БОЮНЧА МУГАЛИМ ҮЧҮН ТЕКШЕРҮҮ БАРАКЧАСЫ

**Сиз өзүңүздүн практикаңызда эмнени колдонуп жатасыз же эмнени эске алууга даярсыз, белгилеңиз:**

**Стереотиптерди жана алардын таасирин түшүнүү**

☐ Мен терс таасирин тийгизүүчү гендердик стереотиптер мектепте калыптанышы мүмкүн экендигин түшүнөм жана аларды билим берүү процессинде колдонууга жол бербөө маанилүү деп эсептейм.
☐ Мен стереотиптер кыздардын дагы, эркек балдардын дагы өнүгүүсүн чектерин билем жана өзүнө ишенген, таңууланган көз караштардан эркин, өзүнүн келечегин жеке билимине, кызыкчылыктарына жана кыялдарына таянуу менен кура билген балдарды тарбиялап чыгууга терс таасирин тийгизе тургандыгын билем.
☐ Мен гендердик стереотиптер аялдарга гана терс таасирин тийгизбестен, ошондой эле эркектерге, алардын ден соолуктарына, эмоционалдык эркиндиктерине тескери таасирин тийгизерин билем.

**Байланышуу жана окутуу тили**

☐ Мен жынысы боюнча күтүүлөрдү бекемдеген сөз айкаштарын колдонбойм («эркек балдар активдүү», «кыздар тил алчаак болушу керек» ж.б.).
☐ Мен аң сезимдүү түрдө ролдорду жана милдеттерди жынысы боюнча бөлбөйм.
☐ Мен ийгилик жана лидерлик жынысынан көз каранды болбогон мисалдарды жана сүйлөмдөрдү колдоном.

**Окуу материалдары жана көрсөтмөлүүлүк**

☐ Мен окуу китептеринин сүрөттөрүнөн, мисалдарынан жана тексттеринен гендердик стереотиптерди байкайм.
☐ Мен стереотиптик тапшырмаларды жана билдирүүлөрдү кайра түзгөндү билем.
☐ Мен окутууда гендердик тоскоолдуктарды жеңген аялдарды жана эркектерди мисал кылып колдоном (мисалы, Курманжан Датка, STEM багытындагы аялдар, билим берүүдөгү эркектер).
☐ Мен окуу материалдарындагы кыздардын жана балдардын сүрөттөрүнө: алар кандай берилген, кандай ролдордо, кандай аракеттер тартылганына көңүл бурам.

**Өз ара аракеттенишүү жана колдоо көрсөтүү**

☐ Мен тапшырмаларда, долбоорлорго, лидерликке катышуунун бирдей мүмкүнчүлүктөрүн түзүүгө аракет кылам.
☐ Мен демилгелүү болууда, ар түрдүү ролдордо байкап көрүү боюнча кыздарды дагы, балдарды дагы колдойм.
☐ Мен окуучулар менен стереотиптер жана алардын кесепеттери темасын талкуулайм.
☐ Мен кыздардын дагы жана балдардын дагы салттык эмес кесиптерди жана кызыгууларды тандашын колдойм.

**Өзүн өзү анализдөө жана өнүгүү**

☐ Мен өзүмдүн стереотиптик көз караштарымды байкайм жана аларды кайра карап чыгууга даярмын.

☐ Мен бардык балдар үчүн урмат-сыйга негизделген, коопсуз жана адилеттүү мейкиндикти түзүү маанилүү деп эсептейм.
☐ Мен балдарды  зомбулукту актаган стереотиптик көз караштардан жана ишенимдерден эркин кылып тарбиялоо менен алар үчүн үлгү болууга умтулам.

# 3-МОДУЛЬ. ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК ДЕГЕН ЭМНЕ: ТҮШҮНҮГҮ, СЕБЕПТЕРИ, ТҮРЛӨРҮ, ЗЫЯНДАРЫ

## 3.1. Кыздардын жана аялдардын үстүнөн зомбулук: түшүнүгү жана тажрыйба

Кыздарга жана аялдарга карата зомбулук жөнүндө айтуудан мурун, зомбулук деген түшүнүктүн өзү эмне экендигин аныктоо маанилүү. Зомбулук – бул эмоционалдык, социалдык жана экономикалык кысым көрсөтүүнү, мажбурлоону, ошондой эле дене бойлук зыян келтирүүнү камтышы мүмкүн болгон көзөмөл жүргүзүүнүн жана кысым көрсөтүүнүн каражаты.
«**Аялдарга карата зомбулук» адамдын укугун бузуу жана аялдарга карата басмырлоонун формасы катары кабыл алынат.** Ага коомдук же жеке жашоодо болуп жаткандыгынан көз карандысыз түрдө дене бойлук, сексуалдык, психологиялык же экономикалык зыяндарга же аялдарга карата азаптануу алып келе турган, же алып келген бардык зомбулук актылары, ага мажбурлоо же күч колдонуу менен эркинен ажыратуу актылары кирет».[28]

**Зомбулук – басмырлоонун формаларынын бири**

**Келгиле, муну жөнөкөй тил менен түшүнүүгө аракет кылып көрөлү:**

**Эмнени камтыйт?**
**Коркутууларды**
**Мажбурлоону**
**Эркиндигинен ажыратууну**
**Зыяндарды – дене бойлук, сексуалдык, психологиялык, экономикалык**

**Кайсы жерде пайда болот?**
Жеке чөйрөдө
Коомдук чөйрөдө
Үй-бүлөдө, жумушта, мектепте
Онлайн мейкиндикте дагы!

**Аялдарга карата зомбулук** – **аялдардын жана эркектердин ортосундагы күчтөрдүн тарыхый жактан бирдей эмес калыптанып** калуусунан улап келип чыккан, бул болсо **эркектердин аялдарга карата үстөмдүк кылуусуна** жана **аялдарды системалуу түрдө басмырлоого алып келген,** ошондой эле **кыздардын дагы, аялдардын дагы – толук кандуу тең укуктуу болуусуна жана өнүгүүсүнө** тоскоолдуктарды жаратат, анын жардамы менен аялдарды эркектерге салыштырмалуу системдүү түрдө баш ийген абалда болууга мажбурлашат.

Мамлекеттер аялдарга карата зомбулукту айыпташы керек жана аны жоюу боюнча өз милдеттерин аткаруудан баш тартуу үчүн эч кандай үрп-адаттарга, салттарга же диний жүйөлөргө таянбоосу керек. Мамлекеттер аялдарга карата зомбулукту жоюу боюнча саясатты бардык тиешелүү каражаттарды (ресурстарды) тартуу аркылуу кечиктирбестен ишке ашырууга тийиш жана бул максатта төмөнкүдөй чараларды көрүшү зарыл:

---

[28] 1-берене. Аялдарга карата зомбулукту жоюу жөнүндө декларация. Декларация об искоренении насилия в отношении женщин — Декларации — Декларации, конвенции, соглашения и другие правовые материалы

**g)** *өз мүмкүнчүлүктөрүн жана жеткиликтүү ресурстарын эске алуу менен, керек болгон учурда эл аралык кызматташтыктын алкагында, зомбулукка кабылган аялдарга жана зарыл болгон учурда алардын балдарына реабилитация, бала багуу жана багып алуу, дарылоо, кеңеш берүү, медициналык жана социалдык тейлөө сыяктуу атайын жардам көрсөтүүнү, ошондой эле тиешелүү кызматтар менен программаларды, колдоо түзүмдөрүн түзүүнү камсыз кылуу үчүн зарыл болгон иштерди жүргүзүү жана алардын коопсуздугуна, ошондой эле дене бойлук жана психологиялык реабилитациясына көмөктөшүү үчүн башка бардык ылайыктуу чараларды кабыл алуу;*

**j)** *эркектер менен аялдардын жүрүм-турумундагы социалдык жана маданий моделдерди өзгөртүү жана жыныстардын биринин артыкчылыгы же кемчилиги жөнүндө түшүнүктөргө же эркек жана аялдардын ролдору тууралуу калыптанып калган стереотиптерге негизделген көз караштарды, салт-санааларды жана башка тажрыйбаларды жоюу максатында, өзгөчө билим берүү тармагында, бардык зарыл чараларды көрүү;*

**l)** *эң аярлуу абалдагы аялдарга карата зомбулукту жоюуга багытталган чараларды кабыл алуу.*[29]

[29] 4 –берене. Аялдарга карата зомбулукту жоюу жөнүндө декларация: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/violence.shtml

## 3.2. Балдарга жана аялдарга карата гендердик зомбулук: түрлөрү, себептери, зыяндары жана мыйзам чегиндеги чаралары

Эми болсо**, келгиле кыздарга жана аялдарга карата зомбулуктун** жалпы түшүнүгүнөн кыйла кеңири түшүнүк – **гендердик зомбулук** түшүнүгүнө өтөлү. Биринчи бөлүктө биз аялдарга карата зомбулук – эки жыныстын өкүлдөрүнө карата мамиленин тарыхый жактан бирдей эмес калыптанып калуусу менен байланыштуу болгон басмырлоонун формасы. Келгиле анда тактайлы, деги **«гендердик зомбулук»** деген термин эмне экен? Биз эмне үчүн дал ушул сөз айкашын колдонобуз? **Гендердик зомбулук** деп жыныстык айырмачылыгына карата жасалган бардык зомбулук актыларын түшүнөбүз. Аялдын үстүнөн ***ал аял болуп төрөлгөндүгү үчүн жасалган зомбулук*** же болбосо эркектерге салыштырганда аялдарга ченелгис күчтүү кесепетин тийгизген зомбулук – ***гендердик зомбулук*** деп аталат.[30]

**Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 1-пункту:**

1. «Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде жана өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат.
2. Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес».




[30] Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жоюу боюнча Комитеттин (АБЖК) №19 Жалпы сунуштамасына ылайык

**Азыркы учурда гендердик зомбулук темасынын айланасында туруктуу так эмес жаңылыш көз караштар жана стереотиптер орун алып келе жатат.** Алар көйгөйдүн коомчулук тарабынан туура эмес кабыл алынуучуна түрткү болууда, бул болсо жабыр тарткан адамдардын сөздөрүнөн, жүрүм-турумунан же сырткы келбетинен күмөн санаган мамилени калыптандырууда. Коомчулуктун зомбулукка чыдамкайсыздык көрсөтүп, зомбулукту жана зомбулук жасаган адамдар сөзсүз жоопкерчиликке тартылсын деген коомдук талкууну күчөткөндөн ордуна, бул жаңылыш көз караштар менен стереотиптер күнөөнү кайра жабыр тарткан адамдардын өздөрүнө оодара салат. Гендердик зомбулук төмөнкүдөй чөйрөлөргө жайылышы мүмкүн:




**Эмне үчүн коргоо субьекттери өз ыйгарым укуктарын талаптагыдай аткарбаганына байланыштуу мамлекетте гендердик зомбулукка орун берилиши мүмкүн?** Келгиле муну билим берүүнүн контекстинде карайлы – стереотиптер жана таңууланган көз караштар байкалбастан окуу процессине кирип кетиши мүмкүн жана мунун артынан гендердик зомбулуктун пайда болуусуна шарттар түзүлүшү мүмкүн. Бул мүмкүн пайда болот, мисалы, **биз окуучулардын жүрүм-турумун бул кыз же эркек бала деп жынысына карата басым жасап комментарий кылган учурларда,** аларды жынысына бөлүп лидерлик үчүн, а экинчисин – тыкандыгы үчүн мактайбыз, кайсы бир кесипти эркек балдар үчүн ылайыктуу, ал эми кайсы бир кесип кыздар үчүн ылайыктуу деп эскертип өтөбүз, мына ушундай учурларда гендердик зомбулукка жол ачып берип жаткан болобуз. Мындай көз караштар – **балдардын дагы, кээде кыздардын дагы өзүн өзү баалоо сапатына – алардын келечектеги тандоосуна, алардын өз мүмкүнчүлүктөрүнөн жана укуктарынан кандайча пайдалана алуусуна таасирин тийгизет.**

Билим берүүдө стереотиптерди колдонуу баланын өзүнө ишенүү сезиминин, мектепте, коомдо башкаларды сыйлоо жана өзүн коопсуздукта сезүү сезиминин калыптануусуна олуттуу зыянын тийгизүүсү мүмкүн. Стереотиптер кыздардын дагы, жана балдардын дагы кругозорун чектеши мүмкүн, өнүгүүсүн дагы чектеп жана жашоодогу жолун эркин тандоосуна тоскоолдуктарды жаратуусу мүмкүн. Дал мына ошондуктан билим берүү

чөйрөсүндө жынысынан, сырткы келбетинен, социалдык абалынан, үй-бүлөлүк жагдайынан же башка жекече өзгөчөлүктөрүнөн көз карандысыз түрдө – **кабыл алуу, тең укуктуулук жана бири-бирин сыйлоо, социалдык инклюзия** атмосферасын аң сезимдүү түрдө калыптандыруу маанилүү.

Буларды бузуу ар түрдүү формаларда, анын ичинде – **гендердик зомбулук** түрүндө дагы орун алышы мүмкүн. Демек, гендердик зомбулуктун бардык формалары **КР Конституциясына карама-каршы келет жана адам укуктарын бузуу болуп эсептелет.**

**Аялдарга карата гендердик зомбулук аялдардын же кыздардын дал ушул анын аял болуп төрөлгөндүгүнө,** же жынысына карап жасалган кылмыштардын баарын өзүнө камтыйт. Гендердик зомбулуктун мындай түрлөрүнө кирет:

- балдар (эрте) никелер;
- никеге турууга мажбурлоо;
- үй-бүлөлүк зомбулук;
- зордуктоо, зордуктоого аракет кылуу жана сексуалдык зомбулуктун башка формалары;
- никеге туруу максатында уурдоо (ала качуу);
- сексуалдык асылуу (ыдык көрсөтүү).

Жогоруда саналып өткөн аракеттердин баары **гендердик кылмыштар** катары квалификацияланат жана аларды жасагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында юридикалык жоопкерчилик караштырылган.

Бүгүнкү күндө **Кыргыз Республикасында балдар (эрте) никелер кылмыш-жаза жоопкерчилиги караштырылган жосун катары квалификацияланат.**

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин «Диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу» 175-беренесине ылайык жоопкерчиликке тартылышат:**

- өзүнө карата никеге туруу боюнча диний ырым-жырымдар жасалган баланын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар);
- никеге туруунун диний ырым-жырымын жасаган адам;
- ошого тете нике курагы жөнүндө мыйзам актыларын бузуу менен өзүнө карата бала менен никеге туруу боюнча диний ырым-жырым жасалган жашы жеткен адам,

- үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 173-беренесине ылайык,** *бала менен иш жүзүндөгү нике мамилелерине туруууга мажбурлоо үчүн* **1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.**

**КР КЖКнын 174-беренеси** кийинки аракеттер үчүн жоопкерчиликти караштырат:

- *адамды никеге туруууга мажбурлоо,*
- *ошого тете мажбурлап түзүлгөн никени улантууга мажбурлоо,*
- *никеге турбастан чогуу жашоого мажбурлоо,*
- *мындай чогуу жашоону улантууга мажбурлоо,*
- *ошого тете адамдын никеге туруусуна тоскоолдук кылуу,* -

**1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында өзгөчө көңүл *никеге туруу максатында уурдоо* көйгөйүнө бурулган. Бул жосундун **гендердик спецификасын** чагылдыруу, статистиканы тиешелүү түрдө жүргүзүү жана коомдун көңүлүн кыздарга жана аялдарга карата зомбулукка бурдурууга басым жасоо үчүн кылмыштын бул курамы **КР КЖКнын 172-беренесинде** атайын бөлүнүп көрсөтүлгөн.

Бул ченемге ылайык:

- *Никеге туруу үчүн адамды ала качуу,* - **беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.**
- *Кыз баланы иш жүзүндөгү нике мамилелерине туруу же болбосо никеге туруу үчүн ала качуу,* - **7 жылдан 10 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.**
- *Уурдоого катышкан жарандар* **7 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.**

**Белгилей кетчү маанилүү нерсе, никеге туруу максатында уурдоо оор кылмыш катары квалификацияланат, ушуга байланыштуу жабыр тартуучу тараптан дооматтардан баш тартуу же тосмо арыз кабыл алынбайт жана жоопкерчиликтен бошотпойт.**

**Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренеси**

**Үй-бүлөлүк зомбулук** – үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене-бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, куугунтуктоосу, ошондой эле этибарсыз мамилеси.

**Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2024-жылдын 7-августунда кол коюлган Мыйзамдын жаңы редакциясына ылайык, үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген адамдардын чөйрөсү кеңейтилген. Эми аларга кирет:**

- иш жүзүндө нике мамилелеринде турган же мурда турган адамдар;
- эмгекке жарамсыз адамга же балага, же майыптыгы бар адамга жана эмгекке жарамсыз же жашы жете элек адамдын түздөн-түз өзүн багууга колдоо көрсөтүүчү адам;
- жубайлардын, мурдагы жубайлардын же болбосо иш жүзүндө нике мамилелеринде турган же мурда тургандардын ата-энелери жана балдары;
- бирге жашаган фактыга карабастан, башка туугандары.




**Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган субьекттер катары Мыйзам тарабынан кийинки 19 профилдик органдар аныкталган:**




**Коргоо субьекттеринин бири катары билим берүү органдарына** үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктар жүктөлгөн, бул **КР «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 13-беренесинде караштырылган.**

Бул берененин биринчи бөлүгүндө **Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин ыйгарым укуктары** караштырылган:

1) билим берүү органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишин уюштурат;
2) билим берүү уюмдарынын үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган окуучулардын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана жардам берүүлөргө керектөөлөрү боюнча ишине мониторингди жана талдоону жүзөгө ашырат;
3) билим берүүнүн бардык деңгээлдеги мамлекеттик билим берүү стандарттарына толеранттуулук, гендердик теңчилик маданиятын калыптандыруу, зомбулукка жол бербөө, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо, басмырлабоо, адам укуктарын урматтоо маселелерин камтыйт;
4) билим берүү кызматкерлерин үй-бүлөлүк зомбулукту айкындоо, анын алдын алуу жана андан коргоо боюнча даярдоону жана кайра даярдоону камсыз кылат;

5) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу боюнча ата-энелер (аларды алмаштыруучу адамдар) жана балдар үчүн билим берүү жана тарбиялоо программаларын иштеп чыгат жана алардын ишке ашырылышына мониторингди жана баа берүүнү жүзөгө ашырат;
6) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө маалыматтык жана агартуучулук ишти жүзөгө ашырат;
7) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан окуучуларга консультация берүүнү уюштурат;
8) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун башка субъекттери менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат;
9) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ар жылдык отчётту, ошондой эле өзүнүн иши жөнүндө маалыматты ыйгарым укуктуу органга берет;
10) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча билим берүү органдарынын иши жөнүндө статистикалык жана башка маалыматтарды жылына бир жолудан кем эмес өзүнүн расмий сайтына жайгаштырат.

**2. Ал эми экинчи бөлүгү билим берүү уюмдарынын менчигинин формасына карабастан, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарын караштырат:**

1) жашы жете электерге карата үй-бүлөлүк зомбулуктун айкындалган фактылары жөнүндө ички иштер органдарына кабарлайт;
2) окуучулар үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу боюнча билим берүү жана тарбиялоо программаларын ишке ашырат;
3) окуучуларга, ата-энелерге жана аларды алмаштыруучуларга үй-бүлөлүк зомбулукка жол бербөө жана андан сактоо жана коргоо боюнча чаралар жөнүндө маалымат берет;
4) үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган окутулуучулардын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана жардамга муктаждыктарын эсепке алууну, мониторингди жана талдоону жүргүзөт;
5) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттер менен ара аракеттенет;
6) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча өз компетенциясынын чектеринде башка иштерди жүзөгө ашырат.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо мыйзамынын маанилүү механизми жабырлануучуну  ыкчам, кечиктирилгис жардам менен камсыз кылууга багытталган коргоо ордери болуп эсептелет. Мыйзамда коргоо ордерин берүүнүн негизи, үй-бүлөлүк зомбулук жасалгандыгы фактысы жөнүндө ар бир жарандан келип түшкөн билдирүү болуп эсептелет. Коргоо ордери зомбулук жасаган жарандын үй-бүлөлүк зомбулук жасоосуна жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучусу менен түз жана кыйыр байланышуусуна тыюу салат. Коргоо ордерин берүүдө милициянын кызматкерлери жабыр тарткан адамга социалдык-психологиялык жардам алуу укугу, коопсуз убактылуу жашоо үчүн мамлекеттик же муниципалдык убактылуу жашай турган жайга жайгашуу укугу, ошондой эле зомбулук жасаган адамды КР Укук бузуулар кодексине же КР Кылмыш-жаза кодексине ылайык жоопкерчиликке тартуу караштырылгандыгы жөнүндө маалыматтарды берүүгө милдеттүү.

Коргоо ордеринин аткарылышына көзөмөл жүргүзүү ички иштер органдарына жүктөлгөн.

**Мыйзамдын 28-беренесинде балдарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга карата убактылуу коргоо ордерин берүү боюнча ченем караштырылган:**

1. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан балдарга карата убактылуу коргоо ордери алардын мыйзамдуу өкүлүнө же болбосо балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө, же болбосо ички иштер органынын жашы жете электердин иштери боюнча кызматкерине берилет.
2. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан, сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга карата убактылуу коргоо ордери алардын мыйзамдуу өкүлүнө же болбосо социалдык өнүктүрүү органынын аймактык бөлүмүнө берилет.
3. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга карата убактылуу коргоо ордери алардын жеке өзүнө берилет, ал эми аны өз алдынча алуу мүмкүнчүлүгү болбогондо, аймактык социалдык өнүктүрүү органына берилет.
4. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан балдарга карата убактылуу коргоо ордерин берүү жөнүндө маалымат ички иштер органдары тарабынан үч күндүк мөөнөттө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө, ички иштер органынын жашы жете электердин иштери боюнча кызматкерине, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына жиберилет.
5. Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга карата, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга карата убактылуу коргоо ордерин берүү жөнүндө маалымат ички иштер органы тарабынан үч күндүк мөөнөттө социалдык өнүктүрүүнүн аймактык органына, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына жиберилет. [31]

## ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

**Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине** ылайык, үй-бүлөлүк зомбулук (үй-бүлөдөгү зомбулук) – бул дене бойлук, психологиялык, экономикалык зомбулукту атайылап колдонуу же дене-бойлук зомбулук кылуу менен коркутуу, ошондой эле үй-бүлө мүчөсүнүн бири /ага теңештирилген жак тарабынан үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө/ага теңештирилген жакка карата кайдыгер мамиле, – **40 саатка коомдук иштерге тартууга, же болбосо үчтөн жети суткага чейин камакка алууну колдонууга алып келет.**

[31] Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 28-беренеси https://cbd.minjust.gov.kg/111570/edition/14086/ru

**Ушул эле Кодекстин 71-беренесинде** жосунда кылмыштын белгилери жок болгондо, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга берилген убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбоо – **40 саатка коомдук иштерге тартууга же болбосо үчтөн жети суткага чейин камакка алууну колдонууга алып келген жоопкерчилик караштырылган.**

Ал эми **аталган Кодекстин 72-беренесинде** үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын түзөтүү программасынан өтүүдөн баш тартуусу, **– 40 саатка коомдук иштерге тартууга алып келет.**

**Биз жогоруда белгилеп кеткендей, бүгүнкү күндө үй-бүлөлүк зомбулук кылмыш-жаза жоопкерчилиги караштырылган кылмыш болуп эсептелет.**

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 177-беренеси**

**Үй-бүлөлүк зомбулук** үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата анын дене боюн же психикасын жабыркаткан, же болбосо ден соолукка анча оор эмес залал алып келүүчү дене бойго же психикалык өнүгүүсүнө зыян келтирген атайын жасалган ар кандай аракеттери,

- **кырктан жүз саатка чейинки коомдук иштерге тартууга, же болбосо эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.**

## 3.3.Балдарга жана аялдарга карата гендердик зомбулуктун себептери жана кесепеттери

**Кыргыз Республикасында** кыздарга жана аялдарга карата зомбулук ар түрдүү формаларга ээ аларга үй-бүлөлүк зомбулук (үй-бүлөлүк зомбулуктун түрлөрү: дене бойлук, психологиялык, экономикалык, этибарсыз мамиле), сексуалдык зомбулук, балдар (эрте) никелери, аялдарды никеге туруу үчүн уурдоо, көп аялдуулук, никеге турууга мажбур кылуу, сойкулукка мажбур кылуу, жумуш ордундагы сексуалдык асылуу (ыдык көрсөтүү).

Гендердик статистика жөнүндө көрсөткүчтөрдү, анын ичинде гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулук боюнча көрсөткүчтөрдү «Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер» деген статистикалык жыйнактан жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин сайтынан: http://stat.kg/ шилтемеси боюнча тапсаңар болот.

Гендердик зомбулук – бул капыстан эле пайда болгон окуялар эмес. Анын себептери – аялдардын жана эркектердин ортосундагы тең укуксуздук тарыхый жактан калыптанып калгандыгында, эскирип калган, коом тарабынан таңууланган социалдык ченемдерде, гендердик стереотиптерде жана көз караштарда.

Зомбулуктун пайда болуусунун себептери көп, алар бир нече факторлордун айкашуусунун негизинде аныкталат, алардын ичинен (факторлордун) бирөөсүн дагы өзүнчө бөлүп алып ага жоопкерчиликти жүктөгөнгө болбойт, ошондуктан зомбулуктун себептерин, факторлорун жана тобокелчиликтерин карап чыгуу зарыл.

**Гендердик зомбулуктун бир нече кыйла орчундуу себептерин бөлүп көрсөтүшөт. Биринчиден,** зомбулук социалдык-маданий мүнөзгө ээ болушу мүмкүн, бул аялдар менен эркектердин ортосундагы өз ара мамилелердин табияты жөнүндө тарбия аркылуу өткөрүп берилген, сырткы таасирлердин негизинде калыптанган жана аял менен эркектин ортосундагы өз ара мамиленин жалгыз эле модели сыяктуу сүрөттөлүп өткөрүлүп берилген стереотиптүү көз караштардын бир бөлүгү**.** Дал мына ушул стереотиптик көз караштарды жетекчиликке алып, анан кыздарга, аялдарга, ал тургай эркектерге карата зомбулукту жасашат: мисалы, «эрлүү аял таяк жейт», «кеткиси келсе кетип деле калмак, демек күйөөсүнүн урганы жагат», «кыздын барар жери - күйөө, ундун барар жери - тегирмен», «так илимдер кыздар үчүн эмес», «эркек адам оорубайт», «эркек адам ыйлабайт», балдар ата-энелерге аларга карата зомбулук жасалып жаткандыгын мындай аракеттер башталганда эле билдиргенге аракет кылышат, бирок ата энелер «балдар фантазияга бай келишет» деген стереотипти жетекчиликке алып көңүл бурушпайт. Ырайымсыз мамиле адамдын же адамдардын жашоодогу жеке тажрыйбаларынын жыйынтыгы болушу мүмкүн жана мунун негизинде аларда мындай өз ара мамилени универсалдуу деп эсептегенге стеретиптүү негиз пайда болот**. Себептердин кийинки тобу «бала курагындагы жаракаттар»** менен байланыштуу, бул адамдын эрте бала курагында башынан өткөргөн психиканы жабыркаткан тажрыйбасын, кийинки чоң адам катары жашоосунда ошол бала курагына тиешелүү комплекстерин жакындарына таңуулаганга мажбурлайт. **Зомбулуктун себеби, адамдын социалдык жана психологиялык жактан туруксуз абалы болушу мүмкүн,** ал өзүндөгү канааттанбаган же бир нерсеге ыраазы болбогон туруксуз абалды, өзүн коргой албаган андан алсыз, же ага баш ийген абалдагы, жооп кайтара албагандардын эсебинен чыңдоо аркылуу өзүнө өзү далилдедим деп чыгарат. Адамдын өз убагында жеткиликтүү тарбия албаган же тарбиясы

өксүк болуп калган, мүнөзүндө басмырлоочу, бирөөнү башкарууну каалаган сапаттары же өзгөчөлүктөрү ашыктык кылган жекече өзгөчөлүктөрү дагы зомбулуктуу жүрүм-турумду пайда кылышы мүмкүн.

Гендердик зомбулук комплекстүү себептерден турат жана аларды бир эле себеп менен түшүндүрүү мүмкүн эмес. Зомбулук тобокелчилиги кайсы жерде жана кандайча пайда боло тургандыгын жакшы түшүнүү үчүн **тобокелчилик факторлорунун көп деңгээлдүү модели** колдонулат.

**1. Жекече деңгээл**

- Билим деңгээлинин төмөн болушу
- Балдар (эрте) никелер
- Бала курагындагы зомбулук тажрыйбасы (адамдын бала курагында үй-бүлөлүк зомбулук шартында чоңоюусу)
- Экономикалык көз карандуулук
- Зомбулукту кадимки жүрүм-турумдай кабыл алуу
- Ичкиликти же башка психотроптук заттарды ашыкча пайдалануу көп себептердин бирөөсү гана болушу мүмкүн: КР Улуттук статистикалык комитетине ылайык, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын маанилүү бөлүгү үй-бүлөлүк зомбулукту сопсоо эле абалында жасашкан.

***Маанилүү:*** Эгерде адам зомбулукту сын көз караш менен кабыл албаса, анын зомбулук кырдаалына болуп калуусу ыктымалдуулугу чоң – жабыр тартуучу же агрессор катары.

**2. Мамилелердин деңгээли**

- Карама-каршылыктар, ырксыз никеде жашоо
- Жубайлардын/өнөктөштөрдүн ортосундагы тең укуксуздук
- Үй-бүлөдө стереотиптик көз караштардын колдонулушу: «аял күнөөлүү, эркек – жок»

***Маанилүү:*** Мындай мамилелерде зомбулукту көрүп, сезип турса дагы унчукпоо жана жазасыздык мамилеси көп сакталат.

**3. Жергиликтүү жамааттар деңгээли**

- Айлана-чөйрөсүндөгүлөрдүн зомбулукту нормалдуу көрүнүштөй кабыл алуусу: мектептердин, жумуштагылардын, кошуналардын
- Баш калкалоочу жайлардын жана колдоо көрсөтүүлөрдүн жоктугу
- Жакырчылык жана аялдардын эмгек рыногундагы аярлуулугу
- Кооптуу чөйрөлөрдө иштөөгө мажбур болуу (мисалы, секс-индустрияда)
- ***Маанилүү:*** Аялдарга карата колдоо көрсөтүлгөн жана зомбулукту коомдун сын көз караштар менен кабыл алуусу жана сындоосу бар жерде, зомбулук окуялары аз болот.

**4. Коомдук (түзүмдүк) деңгээл**

- Тең укуксуздукту колдогон гендердик ченемдер
- Аялдардын экономикалык жана укуксуз көз карандуулугу
- Зомбулуктун карам-каршылыктарды «чечүүнүн» жалпы кабыл алынган ыкмасы катары нормалдашып калуусу
- «Эркектерге баары боло берет» деген гендердик стереотиптин жана аялды коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүнөн экинчи орунга четтетүү, түртүү, анын пикири менен эсептешпөө

***Маанилүү:*** Тең укуксуздук жана патриархалдык ченемдер өкүм сүргөн коомдордо зомбулук көп кездешет жана нормалдуу көрүнүш катары кабыл алынат.

Гендердик зомбулуктун кесепеттери аялдардын, балдардын жана жалпы эле коомдун жашоосун талкалайт:

- **Дене бойлук жана психологиялык жаракаттар**
- **Коомго, келечекке жана мамлекетке ишенбөө**

- **Зомбулуктун муундардын арасында чынжырча катары өткөрүлүп берилүүсү**
- **Аялдарды социалдык жактан четтетүү**
- **Ден соолукка тийгизген кесепеттери, жакырчылык, билим алуунун жана эмгектин жеткиликсиздиги**

Гендердик зомбулук – бул өз алдынча «жаман адамдын» эмес, жалпы бүтүндөй бир системанын жыйынтыгы. Аны токтотуу үчүн **бардык деңгээлдерде** аракеттерди көрүү керек: жеке көз караштардан баштап, мыйзамдык деңгээлинде, коомдук ченемдер деңгээлинде иш алып баруу зарыл.

<table>
<tr><th colspan="3">Зомбулуктун аялдар менен кыздардын ден соолуктарына тийгизген терс таасирлери</th></tr>
<tr><th colspan="2">Өлүмгө дуушар кылбаган аяктоо</th><th>Өлүмгө дуушар кылуу</th></tr>
<tr>
<td>Зомбулуктун тулку бойлук ден соолук үчүн зыяндары:<br>- дене боюна зыян келтирүү;<br>- функционалдык бузулуулар;<br>- эмгекке туруксуздуктун адатка айланышы.<br>Ден соолукка карата терс жүрүм-турум:<br>- ичимдик ичүү жана баңги заттарын колдонуу;<br>- венерикалык оорулардын жугуп калуу коркунучу менен байланыштуу сексуалдык жүрүм-турум;<br>- өзүнө өзү жаракат келтирүү.</td>
<td>Зомбулуктун психикалык ден соолук үчүн тийгизген таасири:<br>- өнөкөт оорулар;<br>- жоон ичегинин бузулуу синдрому;<br>- ашказан, ичеги карын көңдөйлөрүндөгү көйгөйлөр;<br>- респиратордук бузулуулар.<br>Репродуктивдик ден соолук үчүн зыяндары:<br>- жамбаш сөөк органдарына суук тийген оорулар;<br>- күтүлбөгөн кош бойлуулук;<br>- кош бойлуулук учурундагы абалынын оорлошуусу;<br>- бойдон түшүү\төрөлгөн баланын салмагынын аз болуусу.</td>
<td>- өлүмгө дуушар кылган жаракаттар<br>- өлтүрүү<br>- өзүн өзү өлтүрүү</td>
</tr>
</table>

Булагы: Hellbernd et al.2004, (маалымат CHANGE 1999 алынды жана адаптацияланды), цитата PRO TRAIN 2007 окуу куралынан алынды.

## ҮЧҮНЧҮ МОДУЛЬ БОЮНЧА МУГАЛИМ ҮЧҮН ТЕКШЕРҮҮ БАРАКЧАСЫ

### 1) Коопсуз жана колдоо көрсөтүүчү окутуу чөйрөсүн түзүү

| Кадам | Сыпаттамасы |
|---|---|
| **1.Зомбулуктун белгилерин тааныганды билиңиз** | Окуучулар зомбулукка кабылып жатышканын түз айтпашы, белгилерин көрсөтпөшү мүмкүн, алар: тынчсыздануу, агрессиялуулук, тез чарчоо, түнт болуу. |
| **2. Ишенимдүү байланышууну колдонунуз.** | Ачык сүйлөшүүнү колдоңуз, адамды күнөөлөгөн маанидеги сүйлөмдөрдү колдонбоңуз. Суроолорду кылдаттык менен түзүңүз. |
| **3. Маалымдоо менен камсыз кылыңыз.** | Балдарга жана ата-энелерге кимге, каякка кайрылса боло тургандыгы жөнүндө маалымат бериңиз (мектептин психологуна, социалдык педагогго, балдар иштери боюнча тескөөчүгө (БИТ); |
| **4. Чыныгы турмуштук мисалдарды жана визуалдык үлгүлөрдү колдонуңуздар** | Сабак учурунда реалдуу кырдаалдарга негизделген бейнелерди кошуңуз (каармандар анонимдүү болсун), коопсуз жана коопсуз эмес жүрүм-турумдардын сүрөттөрүн колдонуңуз. |
| **5. Урмат-сыйга негизделген мейкиндикти түзүңүз.** | Окуучулар менен жеке чектерди сактоонун, бири-бирин сыйлоонун, «жок» айтуу укугу жөнүндө талкуу жүргүзүңүз. |
| **6. Жабыр тарткан адамдарга колдоо көрсөтүү** | Окуучулардын бирөөсү зомбулук жөнүндө айтып бере турган болсо, анда бекитилген протоколго ылайык аракеттерди көрүңүз: купуялуулукту сактаңыз, күнөөлөбөңүз, мектеп психологуна, социалдык педагогго, балдардын иштери боюнча тескөөчүгө (БИТ) кайрылыңыз. |

### ⦿ *Гендердик жактан сезимтал үлгүлүү сүйлөмдөр:*

| Стереотиптүү сүйлөм | Эмне үчүн колдонбоо керек | Анын ордуна минтип айт: |
|---|---|---|
| **«Балким, ал өзү күнөөлүүдүр»** | Жоопкерчиликти жабыр тарткан адамга оодара салат, жабыр тарткан адамдын абалын ого бетер күчөтөт (виктимблейминг). Мектеп аудиториясында мындай сүйлөмдөрдү колдонууга жол берилбейт. | «Эч бир адамга зомбулук жасалбоосу керек. Зомбулук үчүн жоопкерчиликти – бир гана зомбулук жасаган адам тартуусу керек» |
| **«Ал эми эркек да, алар ушундай болушат»** | Аргессияны актап жатат, зомбулукту калыптандырган көз караштарды калыптандырат. | «Ар бир агрессиялуу жүрүм-турум жынысына карабастан көңүл бурууну талап кылат». |
| **«Балким, ал (кыз) өзү ошого жеткирди да» же ал (эркек бала) өзү ошого жеткирди да** | Зомбулуктан жабыр тарткан кызды/баланы күнөөлөгөн сүйлөм, мындай кылууга жол берилбейт, анын (кыздын/баланын) коргоого, | «Ар бир адам коопсуздукка жана урмат-сыйга, анын ичинде – үй-бүлөдө дагы ээ болууга укуктуу». |

| | | |
|---|---|---|
| | сыйлоого жана коопсуз чөйрөгө ээ болууга карата укугун бузат | |
| **«Зомбулук – бул уруп сабаса гана орун алат»** | Зомбулуктун башка түрүн жокко чыгаруу болуп жатат. | «Зомбулук – бул психологиялык кысым көрсөтүү жана коркутуулар, көзөмөлдөө» |

## 2) Окутуу бейнелери: окуу материалдарында стереотиптерди кантип аныктоо жана четтетүү керек

**1-бейне. Көйгөйгө кайдыгер мамиле кылуу:**

Окуучулардын бирөөсү үйүндө ага карата агрессиялуу мамиле болуп жаткандыгын айтып даттанууда. Мугалим: «Оюңдан чыгара бербечи, баары эле ата-энеси менен урушушат».

**Көйгөй:**

Мындай жооп берүү окуучунун тынчсызданyусуна тийиштүү деңгээлде баалабоо, анын сезимдеринин баркын түшүрүү болуп саналат жана аны зарыл колдоого ээ болуудан ажыратат. Мугалимдер үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан коргоо тутумунун субьектилери катары балдарга жана майыптыгы бар адамдарга карата бардык зомбулук окуяларына ыкчам, кечиктирилгис түрдө таасир этүүгө милдеттүү.

**Чечим:**

Айтып бергениң үчүн чоң рахмат. Бул маанилүү. Мен жаныңдамын жана биз сага кантип жардам берүү жөнүндө бирге ойлонобуз. Сени коргоого милдеттүү ишенимдүү чоң адамдар бар – бул сенин ата-энең, мен – класс жетекчиң, ошондой эле социалдык педагог, мектептин психологу, балдардын иштери боюнча тескөөчү ж.б.

## ҮЧҮНЧҮ МОДУЛЬ БОЮНЧА МУГАЛИМ ҮЧҮН ТЕКШЕРҮҮ БАРАКЧАСЫ

**Укажите, что вы уже применяете в своей профессиональной деятельности или к использованию чего готовы.**

### Түшүнүктөрдү түшүнүү

- ☐ Мен гендердик зомбулук – бул басмырлоонун формасы экенин түшүнөм, жана мугалим (аял/эркек) катары мен буга кайдыгер карабашым керек.
- ☐ Мен үй-бүлөлүк зомбулуктун дене бойлук, психологиялык, экономикалык, этибарсыз мамиле жана сексуалдык зомбулук деген түрлөрү бар экендигин билем, булар анча байкалбастыгын билем, ошол эле учурда талкалоочу зыяндарды дагы алып келерин билем.
- ☐ Мен зомбулук жөнүндө стереотиптерди бири-биринен айырмалайм жана алардын кесепеттүү таасирин тийгизерин дагы билем.

### Байланышуу

- ☐ Мен зомбулукту актаган фразаларды аң сезимдүү түрдө колдонбойм («өзү күнөөлүү», «эгерде сүйсө – кызганат»).
- ☐ Мен балдарды жыныстык айырмачылыгы боюнча басынткан тамашаларга жана билдирүүлөргө (сүйлөмдөрдү колдонууга) жол бербейм.
- ☐ Мен макулдашуу, жеке чектерди сактоо жана сыйлоо маданиятын колдойм.

### Балдар менен өз ара аракеттенишүү

- ☐ Мен сүйлөшүүгө ачыкмын жана окуучулар менен ишенимди жолго коё алам.
- ☐ Мен зомбулуктун белгилерине кандайча туура чара көрүүнү билем.
- ☐ Мен балдарды коргоо суроолору боюнча кесиптештерим, психологдор жана администрация менен өз ара аракеттенишем.

### Өзүнө өзү талдоо жүргүзүү

- ☐ Мен жеке көз караштарымдын үстүнөн кайра ойлонуп чыгууга жана теманы тереңдеп үйрөнүүгө, өздөштүрүүгө даярмын.
- ☐ Мен балдардын укуктарын жана коопсуздугун коргоону өзүмдүн кесиптик жоопкерчилигимдин маанилүү бөлүгү деп эсептейм.

# 4-МОДУЛЬ. ИНКЛЮЗИВДҮҮ ЖАНА ГЕНДЕРДИК ЖАКТАН СЕЗИМТАЛ ТИЛ ЖАНА ГЕНДЕРДИК СЕЗИМТАЛДУУЛУК

## 4.1. Мектеп тажрыйбасындагы инклюзивдүү жана гендердик жактан сезимтал тил

### Гендердик стереотиптерден эркин тил эмне үчүн маанилүү?

- Окуу процессиндеги гендердик жактан сезимтал жана инклюзивдүү тил окуучулардын тең укуктуулук, ар бир адамдын жынысынан же башка өзгөчөлүктөрүнөн көз карандысыз түрдө урмат-сыйга негизделген мамилеге татыктуу экендиги, ар бир адам баалуу экендиги жөнүндө көз караштарын калыптандырат. Мындай тил кыздарда дагы жана эркек балдарда дагы эмпатиянын, өз ара түшүнүшүүнүн, өзүнө өзү ишенүүнүн жана башкаларды кабыл алуунун өнүгүүсүнө алып келет. негизги өзөгү басмырлоо жана зомбулукту нормалдаштыруудан куралган стереотиптерди гендердик стереотиптерден эркин тил жоюуга жардам берет, аларды гумандуу жана демократиялык баалуулуктар менен алмаштырат. Күн сайын мугалимдер менен сүйлөшүү жана окуу материалдарынын мазмунун окуу аркылуу балдар ар түрдүүлүктү норма катары кабыл алганга үйрөнүшөт жана адилеттүүлүккө жана зомбулуксуздукка негизделген көз караштарды калыптандырышат.
- Окуучулар мугалимдин сөзүн кунт коюу менен кабыл алышат. Ал тургай, анча маанилүү эместей сезилген сөз айкаштары, сүйлөмдөр же билдирүүлөр баланын эс тутумунда терең сакталып калат жана баланын көз караштарына, жүрүм-турумуна жана жеке сезимдерине таасирин тийгизет.
- Бул салттык түрдө кыздар жана аялдар көп катышпайт деген - математика, физика, информатика, инженерия жана башка STEM-багыттарда өзгөчө актуалдуу.

### Тилдеги тең укуктуулук: гендердик сезимталдуулук үчүн сөздөрдүн тартибин алмаштыргыла

Аялдар үй-бүлөнүн, коомдун жашоосунда экинчи орунда турат деген сыяктуу гендердик стереотиптерди окутуу процессинде трансформациялоого жол бербөө үчүн сүйлөмдөгү сөздөрдүн тартибин дайыма аялдар же дайыма эркектер биринчи болуп эле тура бербегидей кылып алмаштырып тургула. Эркектер мындай сөз айкаштарында дайыма биринчи орунда айтылганда, мисалы «эркектер жана аялдар», ал (эркек/аял), «эркектики жана аялдыкы» сыяктуу – окуучуларда кыздарга коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө экинчи деңгээлдеги орун берилет деген көз караш калыптанат.

| Туура эмес | Туура |
|---|---|
|  Биз бүгүн эркектердин жана аялдардын илимдеги жетишкендиктери жөнүндө сүйлөшөбүз |  Биз бүгүн аялдардын жана эркектердин илимдеги жетишкендиктери жөнүндө сүйлөшөбүз (же ар түрдүү темалар боюнча мындай фразаларды алмаштырып тургула) |

Кызды, аялды жеке максаттары, кыялдары, көз караштары бар жана тигил же бул маселелер боюнча өзүнүн конкреттүү оюн айткан инсан катары сүрөттөңүз. Контекст талап кылган учурларда же эркектер да ушундай эле терминдер менен сүрөттөлгөн учурда гана кызды же аялды кимдир-бирөөнүн жубайы, энеси же карындашы катары сүрөттөөгө мүмкүн.

| Туура эмес | Туура |
| --- | --- |
| Ал – белгилүү химиктин аялы | Ал – химия илимине салымын кошкон талантуу изилдөөчү |

Сиз сүйлөп жаткан адамдардын жынысын белгилөө үчүн ар кандай сөздөрдү колдонсоңуз болот (мисалы, студент – студент кыз, мугалим – мугалим айым), бирок аялдарды кемсинткен же алардын ордун, макамын төмөндөтүп, түшүнүксүз элес жараткан аялдык мүчөлөрдү улап сүйлөгөндөн (мисалы, врачиха, секретарша деген мите сөздөрдү колдонуудан ж.б.) оолак болуңуз. Мындай учурларда аялдарга да, эркектерге да жалпы колдонулган терминдерди же кесиптин ылайыктуу формаларын (дарыгер, катчы) колдонуу сунушталат.

| Туура эмес | Правильно |
| --- | --- |
| «Врачиха айтып берди…»<br>«Секретарша журналды берди…» | Дарыгер текшерүү жүргүздү<br>Катчы журналды берди (Жынысынан көз карандысыз түрдө – кесибин сыйлаган орундуу формаларды колдонгула) |

Сиздин тил окуучуларды бирдей – кыздарды дагы, балдарды урматтаган мамилени сездирүүсү керек. Мейли илимде, билим берүүдө, күнүмдүк жашоодо же башка бардык чөйрөдө болсун - кыздардын, аялдардын кадыр-баркын төмөндөткөн же басмырлаган терминдерди же фразаларды колдонуудан алыс болуу сунушталат. Мыындан сырткары, сүйлөө тилинде эки жыныстын өкүлдөрүнө карата сыйлабастыкты көрсөтүү кыздарды дагы, эркек балдарды дагы басмырлашы же күмөн сезимдерде калтырышы мүмкүн. Кадыр-баркын түшүрүүчү сөздөрдү колдонуудан алыс болгула:

| Туура эмес | Туура |
| --- | --- |
| Ал кыз өтө эле эмоциялуу, ал эми тигил бала — өтө өжөр | Экөө тең өз көз караштарын активдүү коргошту |

Туура жана ырааттуу болуңуз, чоң эркек адамдарды жөн гана өз аты менен эркектер деп атап жаткан жерде, чоң аялдарды «кыздар» деп атаган орунсуз болуп калат, эч качан мындай кылбаңыз.

| Туура эмес | Туура |
| --- | --- |
| Эркектер жана кыздар олимпиадага катышып жатышат | Кыздар жана балдар олимпиадага катышып жатышат, же болбосо<br>аялдар жана эркектер … катышып жатышат |

Сүйлөп жаткан учурда, адамдын жынысын белгилөө зарыл болсо, анда «юрист айым», «айдоочу айым» же «министр айым» деген сөз айкаштарын колдонгула. Бул эркектерге дагы тиешелүү (эркек дарыгер).

| Туура эмес | Туура |
| --- | --- |
| Бул тиркемени аял жынысындагы программист иштеп чыкты. | Бул тиркемени программист кыз иштеп чыкты. |

Эгер зарылчылык жок болсо, стереотиптик көз караштардан турган сөздөрдү колдонуудан алыс болгула.

| **Туура эмес** | **Туура** |
|---|---|
| Аялдын логикасы ушундай да.<br>Математика – кыздар үчүн эмес. | Ар бир адам тапшырманы өз жолу менен чечет.<br>Математика дүйнө кандай иштей турганын билүүнү каалаган ар бир адам үчүн. |

Билим берүү тилинде стереотиптүү көз караштарды камтыган макалдарды колдонгондон алыс болуу сунушталат. Алардын ордуна IT-чөйрөсүн багындырып жаткан аялдарды, эркек-окумуштууларды, кыздарды жана жаш жигиттерди, камкор аталарды, лидер кыздарды жана эмоцияларын тартынбай билдире алган балдарды мисал, үлгү кылып келтиргиле. Бул жашоо стереотиптерден дагы кенен экендигин көрсөтүүгө жардам берет. Ал эми мындай макалдар окутуу-усулдук комплекстердин мазмунунда жолукса, аларга «тыюу салбагыла», алаардын үстүнөн ийкемдүү ой жүгүртө билгенди үйрөткүлө. Инклюзивдүү альтернативаларды сурангыла. Макалдарды өз пикирин таңуулоо үчүн эмес, сүйлөшүү, талкуулоо үчүн себеп катары колдонгула. Балдарга жана өспүрүмдөргө өздөрү түпкү өзүгүнө тең укуктуулукту, колдоо көрсөтүүнү, сыйлоону жана эркин тандоону сиңирген «жаңы замандын макалдарын» ойлоп чыгууну сунуштагыла.

| **Кыздар жөнүндө стереотиптүү макалдар** | **Эркек балдар жөнүндө стереотиптүү макалдар** | **Инклюзивдүү альтернатива** |
|---|---|---|
| «Кызга кырк үйдөн тыюу» | «Эркек киши үйдө жатпайт» | Ар бир адам жынысынан көз карандысыз түрдө жеке эркиндикке жана коопсуздукка ээ болууга укуктуу. |
| «Кыз – башка бирөөнүн бүлөсү» | «Эркек оорубайт» | Үй-бүлө – бул өнөктөштүк, анда ар бир адамдын салымы, камкордугу жана урматтоо-сыйлоо менен мамилеси бааланат. Ар бир адам жынысынан көз карандысыз түрдө өз ден соолугуна кам көрүүгө, өз кесибин эркин тандоого, өзүнүн жашоосун аң сезимдүү түрдө курууга укуктуу. |
| «Үйдөгү кабыл алынуучу чечимдерге кыз бала аралашпай деле койсо болот» | «Эркек ката кетирсе дагы, эркек» | Үй-бүлөдөгү чечим кабыл алуу процесстерине катышуу, жоопкерчилик жана урмат-сый менен мамиле кылуу – бардык балдарга үйрөтө турган маанилүү көндүмдөр. Кыздардын үй-бүлөдөгү |

| | | |
|---|---|---|
| | | чечим кабыл алууга бирдей, тең укукта катышуусу алардын өздөрүн маанилүү сезүү жана өзүнө ишенүү сезимдерин бекемдейт. |

Жүрүм-турум мүнөздөмөлөрүнө байланышкан стереотипсиз туюнтмаларды колдонуңуздар: балдарга карата «өжөр» деп сыпатталган аракеттер, кыздарга карата «эмоциялуу» же «ашыкча сезимтал» деп бааланбашы керек. Мындан тышкары, «экинчи түгөй», «аял кишинин/эркек кишинин иши», «эркекче», «аялча» сыяктуу туруктуу туюнтмаларды да кайра карап чыгуу зарыл, анткени алар акырындан стереотиптүү көз караштарды бекемдеп коюшу мүмкүн.

| **Туура эмес** | **Правильно** |
|---|---|
| Эгерде эркек балдар суроо берүүнү каалашса, алар кол көтөрүүлөрү керек | Эгер балдар/окуучулар суроо берүүнү каалашса, алар кол көтөрүүлөрү керек |

Инклюзивдүү тил – бул формалдуулук эмес, а урматтоого негизделген окутуунун негизи. Ал ар бир окуучу өзүнүн маанилүүлүгүн жана потенциалын сезген окуу чөйрөсүн калыптандырууга жардам берет.

## 4.2. Мугалимдер үчүн окутуу-усулдук комплексттерди (ОУК) колдонууда жана сабак берүүдө гендердик сезимталдуулукту жана социалдык инклюзияны сактоо боюнча критерийлер

Бул критерийлер мугалимдерге окуу материалдарын колдонууда жана окутууда гендердик стереотиптерди четтетүү үчүн мугалимдерге жардам катары иштелип чыкты. Максаты – кыздардын, аялдардын, эркек балдардын жана чоң эркек адамдардын коомдун жашоосунун бардык чөйрөсүндөгү ролдору жөнүндө бардык окуучуларда бирдей жана урматтоого негизделген көз караштарды калыптандырууну камсыз кылуу.

### 1. Тексттин ичиндеги жыныстык айырмачылыктын/гендердин чагылдырылышы

- **Ысымдар:** Тексттер менен иштөөдө аял жана эркек жынысындагы ысымдардын санын тең салмактуу колдонгонго аракет кылгыла.
- **Тилдик формалар:** Эки жыныстын тең формаларын бирдей деңгээлде колдонгула. Нейтралдуу же тең салмактуу конструкцияларды тандагыла: «дарыгер бейтапты кабыл алды», «офицер Мария».
- **Кайрылуулар:** Инклюзивдүү формаларды колдонгула: «Урматтуу балдар», «Кымбаттуу жеткинчектер».
- **Кааармандар:** Башкы каармандар катары тааныштырганда аял каармандарды жана эркек каармандарды дагы дагы тең салмактуу колдонгонго аракет кылгыла.
- **Тарыхый инсандар:** Тарыхка маанилүү салымын кошкон аялдарды дагы жана эркектерди дагы бирдей кошуп сүйлөөгө аракет кылгыла.

### 2. Гендердик мүнөздөмөлөр

- **Стереоттиптерден алыс болгула:** Кыздарды бир гана эмоционалдуу катары, ал эми эркек балдарды – агрессивдүү катары сүрөттөп берүүгө жол берилбейт. Эки жыныстын өкүлү катары ар бир адамды өз алдынчалуу жана мүнөздөрү ар башка жеке инсан катары сыпаттап түшүндүрүүгө аракет кылгыла.
- **Сунушталуучу тең салмактуулук:** Сабак берүүдө гендердик стереотиптерден эркин билимдерди жана билдирүүлөрдү берүү зарыл, максаты – балдарга ар бир адамдын психологиялык мүнөздөмөсү жана жүрүм-турумдук реакциясы анын жынысынан эмес, жекече өзгөчөлүгүнөн көз каранды экендиги тууралуу көз карашты калыптандыруу.

### 3. Үй-бүлөлүк ролдор жана милдеттер

- **Үй-бүлөдөгү ролдор:** окуу материалдарындагы, анын ичинде ОУК мекстерди колдонууда аялдарды жана эркектерди ар түрдүү ролдордо – салттык дагы, ошондой эле жаңы заманбап ролдордо берүү маанилүү. Өзгөчө көңүлдү ата-эненин экөөсүнүн тең үй-бүлөгө камкордук кылуусу, бири-бирине урмат-сый менен мамиле кылуусу, жардамдашусу, тең укуктуулук сыяктуу баалуулуктарын баса белгилөөгө буруу зарыл.

### 4. Социалдык ролдор

- **Тандоо укугун чектебөө:** Эркек балдар дагы, кыздар дагы бардык позицияларды – лидерлер, аткаруучулар, окумуштуулар, жаратмандар ж.б. боло алышарын, алардын тандоосуна, шык-жөндөмүнө эч кандай эч ким тарабынан чектөө коюлбашы керек экендигине басым жасоо менен окуткула.
- **Зомбулукту романтизациялоодон алыс болгула:** «Чыныгы эркектин» образын агрессия менен байланыштырган жүрүм-турумду эч качан нормалдуу катары сүрөттөбөгүлө.

### 5. Кесиптер жана ишмердүүлүктөр

- **Бирдей мүмкүнчүлүктөр:** Эки жыныстын өкүлү тең, тактап айтканда кыздар дагы, балдар дагы ар кыл кесиптин ээси боло ала тургандыгын, анын ичинде STEM-багытында дагы, ошондой эле гуманитардык чөйрөдө дагы ири ийгиликтерге жете ала тургандыгын көрсөткүлө. Сабак өтүүдө аларды бири-бирин колдогон, билимге жана өнүгүүгө умтулган, бири-бирине ак ниеттүү достор, тең укуктуу теңтуштар жана өнөктөштөр катары сыпаттагыла.
- **Стереотиптер:** Кесиптерди «эркектерге тиешелүү» же «аялдарга тиешелүү» катары сыпаттоодон алыс болуңуз.

### 6. Этникалык топторду сыпаттоо

- **Көп түрдүүлүк:** Кыргызстанда жашаган ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүн коомдун бирдей, тең укуктуу жана бирдей жоопкерчиликтүү өкүлдөрү катары аудиторияга жеткиргиле. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 31-беренесинин 4-пунктунда **«Улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салынат» - деп белгиленет.**

### 7. Аярлуу топтор

- **Майыптыгы бар адамдар:** Майыптыгы бар адамдарды алар үчүн билим берүүнүн жана окутуу процессине бирдей катышуунун жеткиликтүүлүгүнө көңүл буруу менен майыптыгы бар адамдарды басынтууга жол бербегиле, майыптыгы бар адамдарга мамиле жасоонун социалдык моделин жайылтууга салым кошкула.

- **Жаш курак:** Балдар – активдүү, ой-жүгүртө билген, окутуу процессинин урматтуу катышуучулары. Улгайган адамдар – бир гана жардам алуучулар эмес, ошондой эле коомдун активдүү мүчөлөрү.

### 8. Басмырлоо жана тең укуксуздук

- **Терминдердин туура колдонулушу:** Эскирген жана басмырлоочу терминдерди колдонуудан алыс болгула.

### 9. Согуштар жана карама-каршылыктар

- **Өнүгүүгө басым жасоо:** Согуштарды жана зомбулукту борбордук сюжетке айландырбагыла. Маданий, илимий жана социалдык жетишкендиктерге басым жасагыла.
- Карама-каршылыктардын бардык катышуучулар үчүн, анын ичинде аялдар, балдар, улгайган адамдар үчүн тийгизе турган толук кесепеттерин талкуулагыла.

## 4.3. Окутуу-усулдук комплекстериндеги визуалдык материалдардагы гендердик сезимталдуулукту камсыз кылуу боюнча мугалимдер үчүн критерийлер

### 1. Эки жыныстын өкүлдөрүн тең салмактуу көрсөтүү

- **Жыныстык айырмачылыгы боюнча тең салмактуулук:** Окуу китептериндеги көрсөтмө материалдарды жана иллюстрацияларды колдонууда кыздар менен балдарды, аялдар менен эркектерди тең өкүлчүлүк (тең салмактуулук) менен чагылдыруу маанилүү.
- Эки жыныстын өкүлү тең **активдүү, акылдуу, камкор жана демилгелүү ролдордо сүрөттөлүүсүнө көңүл бургула.**

### 2. Каармандардын гендердик мүнөздөмөлөрү

- **Жүрүм-турумдук белгилери:**
- Окуу китептериндеги сүрөттөрдү колдонууда гендердик стереотиптерден алыс болгула. Кыздардын образдарын бир гана жумшактык жана камкордук менен, ал эми эркек балдарды чечкиндүүлүк жана лидерлик менен гана чектебегиле. Кыздар активдүү, чечкиндүү, өзүнө ишенген сапаттарга дагы ээ боло алышат. Эркек балдар болсо – сезимтал, ак ниеттүү, аярлуу болуулары мүмкүн.
- Сиздин класстагы балдар аудиториясына айткан билдирүүңүз мүнөздүн кийинки белгилерин баса белгилөөсү жана кыздарга дагы, эркек балдарга дагы тиешелүү болуусу мүмкүн:
  - жумшактык жана катуулук,
  - эмоционалдуулук жана токтоолук,
  - ишти ой калчап аткаруучулук жана шыктуулук
  - кылдаттык жана шалаакылык,
  - тил алчаактык жана бейбаштык,
  - ыңгайлуулук жана ыңгайсыздык.

### 3. Үй-бүлөлүк ролдор жана милдеттер

Сабак берүүдө жана окуу китептериндеги сүрөттөрдү колдонууда ата-энелерди, балдарды, ошондой эле үй-бүлө мүчөлөрүн үй-бүлөлүк жашоонун тең укуктуу катышуучулары катары сыпаттагыла. Алардын балдарга, бири-бирине карата биргелешкен камкордугун баса белгилегиле, үй-чарбачылыгын жүргүзүүдө жана чечимдерди кабыл алууда бирдей катышуусун көрсөткүлө. Балдарда үй-бүлөнүн образын кызматташуунун, бири-бирине колдоо көрсөтүүнүн жана бири-бирин сыйлоонун, үй-бүлө мүчөлөрүнө урмат-сый менен мамиле кылуунун образын калыптандыргыла. Сүрөттөр жана аларды сыпаттоолор төмөнкүдөй ар түрдүү жашоо кырдаалын көрсөтүп турушу керек:

- аталар жана апалар балдарга билим берүүгө жана тарбиялоого бирге катышышат,
- үй-бүлөлөр биргеликте эс алышат жана иштешет (мисалы, табиятка чыгуу, эшиктин алдында, огороддо бирге иштөө),
- эркектер – аталар, ага-инилер, күйөөлөр дагы үй жумуштарына катышышат: тамак жасашат, үй тазалоого жардам беришет, балдарга кам көрүшөт,

- аялдар үй-бүлөнүн маселелери боюнча чечим кабыл алууга катышышат, өз салымдарын кошушат, жубайлар, үй-бүлөнүн мүчөлөрү– чоң аталар, чоң апалар, таэнелер, таяталар менен чогуу кеңешишет,
- ата-энелердин экөөсү тең балдардын эмоционалдык абалына камкордук кылышат жана көңүл бурушат,
- аталар баланын мектептеги жашоосуна катышышат (мектептеги жыйналыштарына барышат, үй тапшырмаларын аткарууга жардам беришет),
- апалар өздөрүн кесипкөй катары дагы ишке ашырышат, лидер боло алышат, ошол эле учурда үй-бүлөлүк жашоонун активдүү мүчөсү боюнча дагы калышат.

Мындай ыкмалар окуучуларда ролдордун көп түрдүүлүгүн урмат-сый менен кабыл алган мамиленин, жынысынан көз карандысыз түрдө жана зомбулуксуз жүрүм-турум моделинин калыптануусуна жана өнүгүүсүнө түрткү болот.

## 4. Социалдык ролдор

Окутуу материалдарындагы сүрөттөрдү чечмелөөдө (же сүрөттөр менен иштөөдө) жана колдонууда мугалимдин окуучуларга **лидерлик сапаттар, демилгелүүлүк жана коомдун жашоосуна активдүү катышуу кыздарга дагы, ошондой эле балдарга дагы тиешелүү деген баалуулуктарды өткөрүүсү, калыптандыруусу маанилүү.**

**Зарыл:**

- **кыздар дагы, ошондой эле балдар дагы лидер боло алыша тургандыгын,** чечимдерди кабыл алууга, өз оюн ачык айтууга жана кырдаалга таасир этүүгө бирдей катышуулары керек экендигин көрсөтүү,
- **окуучуларга агрессивдүү,** лидерликти бир гана күч, ырайымсыздык жана башкаруу менен байланыштырган **эрдик бул - күчкө таянуу** деген билдирүүлөрдү берүүгө таптакыр жол бербөө,
- кызматташууга, эмпатияга, жоопкерчиликке, уга билүүгө жана башкалардын ой пикирин эске алууну билүүгө негизделген **лидерликтин альтернативдүү формаларын** берүү,
- **демилгелүүлүк, чечкиндүүлүк жана активдүүлүк – гендердик белги эмес, булар адамзатка тиешелүү сапаттар экендигин** жана аларды ар бир бала өнүктүрө аларын белгилөө.

## 5. Кесиптер жана ишмердүүлүктөр

Мугалимдер эркек балдардын, жаш жигиттердин, кыздардын жана аялдардын ар түрдүү кесиптик чөйрөлөрдө катышуусун, анын ичинде STEM, искусство жана кол өнөрчүлүк чөйрөсүдөгү катышуусун – **гендердик стереотиптерди колдонбостон** туура чечмелеп берүүсү абдан маанилүү:

- айрым бир кесиптер жана ишмердүүлүктүн түрлөрү артыкчылыктуу түрдө бир жыныстын өкүлдөрүнө гана тиешелүү **деген көз караштЫ өткөрүп берүүдөн алыс болуу зарыл.**
- **Бардык балдар жынысына байланыштуу күтүүлөрдүн негизинде эмес, а өз кызыгууларынын жана жөндөмдөрүнүн негизинде** карьералык жолун тандап алуу үчүн бирдей укуктарга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ экенин баса белгилегиле.
- Окуу материалдарындагы сүрөттөр салттык түрдө «эркектерге» дагы, ошондой эле «аялдарга» дагы тиешелүү **кесиптердин кеңири спектрин көрсөтүп турушу керек,** ошол эле учурда эки жыныстын өкүлдөрү ар түрдүү ролдордо берилүүсү зарыл.
- Эс алууга жана спортко тиешелүү визуалдык материалдар дагы **гендердик жактан тең салмактуу болушу керек:** кыздарды жана балдарды, аялдарды жана эркектерди

спорттун ар кандай түрлөрүнө катышкан, хоббиси жана чыгармачылык ишмердүүлүгү дагы ар түрдүү активдүү жарандар катары жеткиргиле.
- Өзгөчө көңүлдү **социалдык инклюзияга** буруу керек, ага ылайык майыптыгы бар адамдар, ар түрдүү этникалык топтордун жана ар башка жаш курактын өкүлдөрү кесипкөйлүк жана эс алуу ишмердүүлүгүнө катышып жаткандыктары активдүү сүрөттөлүшү зарыл.

Мындай сыпаттоо **окуучулардын көз карашын кеңейтип,** жашоодогу ар түрдүү жолдорго карата сый-урматка негизделген жана тең укуктуу мамилени калыптандырууга жардам берет.

## 6. Этникалык ар түрдүүлүк

Сүрөттөр коомдогу **бардык улуттардын маданий-салттык элементтерин камтуусу жана чечмелеп** берүүсү керек. Маанилүү:
- Бир дагы башкалар менен салыштырганда **маданиятты кыйла «өнүккөн», «модернизациялашкан» же «прогрессивдүү» катары сүрөттөбөө;**
- Маданий элементтерди романтизациялоодон же экзотизациялоодон алыс болгула.;
- Ар түрдүү этникалык топтордун өкүлдөрүн мүмкүнчүлүктөрдүн жеткиликтүүлүгүнө бирдей ээ, ишмердүүлүктүн окшош түрлөрү менен алектенген, **коомдун тең укуктуу, активдүү** мүчөлөрү катары көрсөтүү.

Мындай ыкма **маданий көп түрдүүлүктү урмат-сый менен мамиле кылуунун калыптанышына** жана социалдык биримдүүлүктүн бекемделишине жол ачат.

## 7. Социалдык инклюзивдүүлүк

**Майыптыгы бар адамдар:** Сүрөттөр **майыптыгы бар адамдарды** четтетилген эмес, пассивдүү эмес, коомдун жашоосуна активдүү катышкан адамдар катары берген майыптыгы бар болуунун социалдык моделин чагылдырып турууруш керек.
**Балдар жана жаш курактык ролдор:** Сүрөттөр балдарды баш ийген абалда гана сүрөттөбөстөн, балдардын жана чоң адамдардын ортосундагы кызматташтыкты көрсөтүп турушу керек.
**Улгайган адамдар:** Сүрөттөрдү колдонууда улгайган адамдарды урматтоо-сыйлоону, кам көрүүнү чагылдырган, ошол эле учурда улгайган адамдарды өз алдынча иштеген, активдүү, коомдун көз карандысыз мүчөлөрү катары сүрөттөө
**Балдар:** Окуу куралдын сүрөттөрүндө балдарды, т.а., кыздарды дагы, эркек балдарды дагы ата-эненин, чоң адамдардын, коомдун камкордугуна, мээримине алынган, ошол эле учурда аларды – жоопкерчиликтүү, активдүү, демилгелүү, блимге умтулган, максат коё билген кылып чечмелөө аркылуу бул баалуулуктарды балдарга сиңдирүү.

## 8. Жеке жана коомдук мейкиндиктин ортосундагы тең салмактуулук

**Мейкиндиктердин ар түрдүүлүгү:** Үй-бүлөлүк мейкиндик, табият, ошондой эле шаарлар, өндүрүштөр, лабораториялар ж.б. жөнүндө мейкиндиктери жөнүндө сүрөттөрдү алар адам аракеттенген чөйрө экенин, биздин жашоо чөйрөбүзгө тең салмакта катышарын сүрөттөп берүү. Бул балдардын кругозорун кеңейтет жана социалдык жактан четтөөгө бөгөт коёт.

## 9. Тарыхый контекст: Жаратмандыкка басым жасоо

**Жаратман тарых** Сабак берүүдө согуш жана зомбулук жөнүндө визуалдык образдарга басым басоодон алыс болгула. Мындай сүрөттөрдү окуучуларга түшүндүрүп чечмелеп жатканда адамзатынын жетишкендигине – илимге, технологияга, маданиятка басым жасагыла. Эгер согуштар жөнүндө маалымат бар болсо, алардын коомго, өзгөчө аярлуу топторго тийгизген кесепеттерине басым жасагыла.

## ТӨРТҮНЧҮ МОДУЛГА КАРАТА МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР ЖАНА КУРАЛДАР

### 5) Мазмунун пландаштыруу: гендердик стереотиптерден эркин инклюзивдүү окутуу чөйрөсүн түзүү

| Кадам | Сыпаттамасы |
|---|---|
| **1.Инклюзивдүү тилди колдонуу** | Гендердик стереотиптерди бекемдебеген сүйлөмдөрдү колдонгула. Мисалы, «эркектер жана аялдар» деген фразалардан качкыла, сөздөрдүн кезегин алмаштыргыла: «аялдар жана эркектер», «кыздар жана жигиттер» деген сөздөрдү алмаштыргыл. Бул бир жыныстын өкүлүнө кыла маанилүү катары басым жасай берүүдөн качууга жардам берет. |
| **2.Гендердик жактан нейтралдуу терминдерди колдонуу** | Кесиптерди атаганда аларды туура терминдер менен, кесипти урматтап атагыла (суффикстерди кошпостон), мисалы, «врачиха» же «секретарша» дегендин ордуна, «дарыгер» же «катчы» дегенди колдонгула. Бул тең укуктуулукту сактоого жана кесиптердин макамын басынтпоого түрткү болот. |
| **3.Жеке иденттүүлүктү сыйлоо** | Кыздарды жана аялдарды көп ролдорду аткарган жана жетишкендиктерге жеткен өз алдынчалуу жеке инсандар катары сүрөттөгүлө, алардын ролдорун апалар, жубайлар же эже-сиңдилик мүмкүнчүлүктөр менен чектеп койбогула. Мисалы, «Ал – белгилүү футболисттин апасы» деген фразанын ордуна «Ал өзүнүн оюнчуларын ийгиликке жетелеген – футбол боюнча ийгиликтүү тренер» |
| **4.Басмырлоочу стереотиптерди колдонбоо** | «Эркектер эмоцияларын билдирбеши керек» же «кыздар футбол ойногону туура эмес» сыяктуу сөз айкаштардан алыс болуңуздар. Мунун ордуна инклюзивдүү жана колдоочу сөздөрдү колдонуңуздар, мисалы: «Сезимдер — ар бир адамдын жашоосунун табигый бөлүгү» же «Футбол — бул өнүгүүнү жана команда менен иштөөнү үйрөнүүнү каалагандардын баарына арналган оюн». |
| 5.**Кайрылып чакырганда тең укуктуулукту сактоо** | Бардык окуучуларга алардын жынысынан көз карандысыз түрдө бирдей кайрылгыла. «Эркек балдар жана кыздар» дегендин ордуна «балдар», «окуучулар» деген сөз айкаштарын көп колдонуу сунушталат. Бул стереотиптерди бекемдөөдөн алыс болууга түрткү болот жана инклюзивдүү атмосфераны түзүүгө жардам берет. |
| **6. Ар түрдүү ролдук моделдерди камтуу** | Инженер, программист, мугалим сыяктуу адатта кесиптерде иштеген аялдар менен эркектердин мисалдарын колдонуңуздар. Бул окуучуларга |

кесиптер жыныс менен чектелбестигин түшүнүүгө жардам берет жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңири караган көз карашты өнүктүрөт.

⦿ ***Гендердик жактан сезимтал үлгүлүү сүйлөмдөр:***

| **Стереотиптүү сүйлөм** | **Эмне үчүн колдонбоо керек** | **Анын ордуна минтип айт:** |
|---|---|---|
| **«Кыздар куурчак ойногонду жакшы көрүшөт, ал эми эркек балдар - машине»** | Жынысына карата бөлүп, балдардын кызыкчылыктарын чектеп жатат, бул алардын өз алдынчалуулугун өстүрүүгө тоскоолдук кылат. Бул стереотип кеңири тарап колдонулуп жүрөт, муну окутуу процессинде колдонуудан алыс болуу керек | Балдар өздөрүнүн кызыгуусуна жараша бардык оюнчуктар менен ойной алышат. |
| **«Эркектер – коргоочулар, ал эми аялдар – назик жубайлар»** | Аялдардын жумшак ролдору, ал эми эркектердин катуу ролдору жөнүндө стереотиптерди күчөтөт. | Адамдар жынысынан көз карандысыз түрдө коргоочу, камкорчу жана күчтүү боло алышат. |
| **«Кыздар лидер боло алышпайт»** | Кыздар жана аялдар жетектөөчү ролдордо боло алышпайт деген жалган түшүнүк | Лидерлик сапаттар жынысына карабастан ар бир адамга тиешелүү |
| **«Эркек дайыма акча табышы керек»** | Эркек үй-бүлөдө жалгыз табышкер, багуучу болуш керек деген идеяны күчөтөт | Үй-бүлөдөгү ар бир адам жынысына карабастан иштей алат жана каржылык жактан көз каранды боло дагы алат. |

### 3) Окутуу бейнелери: окуу материалдарында стереотиптерди кантип аныктоо жана четтетүү керек

**Окуу китебинен фрагмент:**

**Эгерде эркек үй жумуштарын жасаса – бул уят.**

✘ **Көйгөй:**

Абдан кеңири тараган стереотип. Мурунку окуу китептеринде ушундай стереотиптүү тексттер жана сүрөттөр абдан көп колдонулган. Бул 12 жылдык билим берүү концепциясына туура келбейт.

❖ **Талдоо**

Бул фрагмент үй-бүлөлүк милдеттер жөнүндө эскирген гендердик ролдорду кайталап жана үй-бүлөлүк милдеттер жөнүндө калп элестетүүлөрдү берип жатат. Бул үй-бүлөдөгү зомбулукка алып келиши мүмкүн жана эркек балдарда кыздар дайыма үй жумуштарын аткарууга, алектенүүгө милдеттүү деген ишенимди, стереотиптүү көз карашты

калыптандырышы мүмкүн, бул эркек адамдын үй-бүлөгө жоопкерчиликсиздигине алып келет.

✓ **Адаптациялоо:**

Ата-энелерди, балдарды жана үй-бүлөнүн башка бардык мүчөлөрүн үй-бүлөлүк жашоонун тең укуктуу катышуучулары катары сүрөттөгүлө. Алардын балдарга биргелешип чогуу кам көрүүсүнө, мээрим төгүүсүнө, үй чарбачылыгын чогуу аткаруусуна жана чечимдерди биргелешип чогуу кабыл алуусун көрсөтүүгө басым жасагыла.

## ТӨРТҮНЧҮ МОДУЛЬ БОЮНЧА МУГАЛИМ ҮЧҮН ТЕКШЕРҮҮ БАРАКЧАСЫ

**Сиз өзүңүздүн практикаңызда эмнени колдонуп жатасыз же эмнени эске алууга даярсыз, белгилеңиз:**

**Тилдеги инклюзивдүүлүк**

- ☐ Кыз бала, аялдар коомдо экинчи сортто орунда турат деген стереотипти калыптандырбоо үчүн жана аялзатына карата урмат сыйлуу мамилени калыптандыруу үчүн мен окуучуларга кайрылганда дайыма кыздарды биринчи атап чакырам «кыздар жана балдар», «эжекелер жана байкелер»;
- ☐ Кыздардын жана аялдардын коомдогу ролун басынткан сөздөрдү колдонууга жол бербейм. Мисалы, «ал үч баланын апасы» деп тергеп сүйлөгөндүн ордуна «ал үй-бүлөнү жана карьераны бирдей алып кеткен ийгиликтүү кесипкөй» деп колдонсок туура болот.
- ☐ Кесиптерди атоо үчүн дайыма туура жана кесипкөй формаларды колдоном, басынткан суффикстерди колдонбойм: мисалы «дарыгер», а «врачиха» эмес.
- ☐ Мен ар бир адам адамдын жынысы жөнүндө стереотиптерге эмес өзүнүн кызыкчылыктарына шайкеш келген кесипти же ишмердүүлүктү тандай ала тургандыгын колдойм.

**Билим берүүдөгү гендердик теңчилик**

- ☐ Сабак берип жаткан учурда балдар тең укуктуу, бирдей мамилелерди жана аял эркектин ролуна бирдей мамиле кылууну үлгү катары алуусу үчүн, илимге жана тарыхка салымын кошкон аялдардын жана эркектердин - тарыхый инсандардын ысымдарын бирдей атайм.
- ☐ Аялдар жана эркектер чечкиндүүлүк, эмпатия, камкордук жана башка маанилүү сапаттарды көрсөтүшкөн мисалдарды колдоном;
- ☐ Окуучуларды стереотиптүү макалдарга каршы альтернативдүү идеяларды иштеп чыгууга чакырам: «эркек үйдө отурбашы керек» же «кыз бала чоочун үй-бүлөгө кетет», жана алар менен чогуу үй-бүлөлүк ролдордогу тең укуктуулуктун жана бири-бирин сыйлоонун маанилүүлүгүн талкуулайбыз.

**Окуу китебинин визуалдык материалдарындагы гендердик сезимталдуулук**

- ☐ Сүрөттөрдөгү эки жыныстын өкүлдөрүнүн тең салмактуулугу: кыздарды жана эркек балдарды активдүү жана демилгелүү ролдордо көрсөткөн сүрөттөрдү колдоном. Мисалы, спорт, илим менен алектенген кыздардын жана үй-бүлөнүк милдеттерге камкордук кылган эркектердин сүрөттөрүн колдоном.
- ☐ Стереотиптик образдардан алысмын, анын ордуна: кыздар «жардамчылардын» же «баш көтөрбөй үй жумуштарын» гана аткарган эмес, эркектер менен бирдей лидерлер, спортту сүйүүчүлөр.
- ☐ Үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү үй-бүлөнүн жашоосуна бирдей катышкан сүрөттөрдү колдоном: мисалы, апасы жана атасы балдарга бирдей чогуу кам көрүп жатышат,

апасы гана тиричилик менен алек эмес, үй-бүлөнүн маселелерин чогуу чечишет, ал эми атасы эле жалгыз негизги багуучу эмес.

**Аярлуу топторго карата урмат-сый менен мамиле кылуу жана инклюзивдүүлүк**

- ☐ Менин окутуу материалдарымда ар түрдүү этникалык топтордун өкүлдөрү тең укуктуу жана коомдун жашоосунда активдүү катышкан катары сүрөттөлгөн. Мен расалык же этникалык үстөмдүк идеяларын жактаган сүрөттөрдү колдоном.
- ☐ Мен ошондой эле, окуу китептеринде жана материалдарда майыптыгы бар коомдун тең укуктуу катышуучулары катары көрсөтүлгөнбү, коомдун жашоосунун ар түрдүү чөйрөлөрүндө, анын ичинде билим берүүдө, искусстводо активдүү катышкан катары жана ар түрдүү кесиптин ээлери катары сүрөттөлгөнбү дайыма көңүл бурам.
- ☐ Жаш курактык инклюзиялуулук: мен улгайган адамдар, кичинекей балдар – коомдун активдүү катышуучулары экенине, алардын баалуулуктарын жана ролдорун сыйлоо маанилүү экенине басым жасайм.

**Стереотипсиз кесиптер жана сабактар**

- ☐ Мен балдарга кесип жыныстан көз каранды эмес деп үйрөтөм. Эркек адамдар тарбиячы, ал эми аялдар – инженер боло алышат, STEM-багытында жана башка багытта дагы ийгиликтерге жетише алышат.

# 5-МОДУЛЬ. СОЦИАЛДЫК ИНКЛЮЗИВДҮҮ МЕКТЕП ДЕГЕН ЭМНЕ?

## 5.1. Социалдык инклюзивдүү мектеп деген эмне?

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамында инклюзивдүү билим берүүгө арналган өзүнчө бөлүм караштырылган жана бул аркылуу ага расмий макам ыйгарылган. Бул жаңылык инклюзивдүү билим берүү тутумунун туруктуулугун гендердик аспектилерди эске алуу менен камсыз кылууга багытталган.

Мыйзам белгилейт: «**Инклюзивдик билим берүү бардык адамдар үчүн билим алуу муктаждыктарынын жана жеке мүмкүнчүлүктөрүнүн ар түрдүүлүгүн, ошондой эле турмуштук оор кырдаалдарын эске алуу менен, басмырлоосуз бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган. Инклюзивдик билим берүү принциби билим берүүнүн бардык баскычтарында жана өмүр бою иштейт. Инклюзивдик билим берүүнү ишке ашыруу максатында баланы билим алууга жөндөмсүз деп таанууга, ошондой эле балдарды бөлүүнүн башка ыкмаларын колдонууга тыюу салынган»**.[32]

Анда атайын жана жекече муктаждыктар, анын ичинде аң-сезимдүү куралдар эсепке алынган окутуу чөйрөсүн түзүү үчүн тийиштүү чараларды кабыл алуу аркылуу мамлекет билим алууга өзгөчө муктаждыктары бар адамдардын жана турмуштук оор кырдаалда турган адамдардын инклюзивдик билим алууга укугун ишке ашырууга кепилдик берет. [33]

Мамлекет инклюзивдик билим берүүнүн, эрте өнүктүрүүнүн принциптерин жана усулдарын, окутуунун жана баарлашуунун альтернативдик методдорун жана формаларын, анын ичинде жаңдоо тилин жана Брайль арибин киргизүүнү жана өнүктүрүүнү пайдаланган билим берүү уюмдарын жана педагогикалык кызматкерлерди шыктандырат.[34]

Мамлекет турмуштук оор кырдаалда турган адамдардын билим алуу укугун ишке ашырууга социалдык инклюзия үчүн шарттарды түзүү аркылуу кепилдик берет.[35]

Дал мына ошондуктан мугалимдердин мектептеги инклюзивдүү ыкманы жеткирүүчүлөр катары ролу жогору. Алардын негизги милдети - ар бир бала өзүнүн өзгөчөлүгүнө карабастан, **класстын жана мектептин жашоосуна кабыл алынган, урматталган жана толук катышканын сезген билим берүү чөйрөсүн түзүү.**

Мына ошондуктан, мугалимдерди социалдык инклюзивдүүлүк концепциясы жана аны ишке ашыруунун практикалык усулдары менен тааныштыруу, заманбап, адилеттүү жана натыйжалуу мектеп тутумун калыптандыруунун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.

[32] Ошол жерде. 11-бөлүмдүн 36-беренесинин 1-пункту.
[33] Ошол жерде. 11-бөлүмдүн 36-беренесинин 7-пункту.
[34] Ошол жерде. 11-бөлүмдүн 36-беренесинин 9-пункту.
[35] Ошол жерде. 11-бөлүмдүн 28-беренесинин 2-пункту.

**Социалдык инклюзивдүү мектеп — бул ар бир бала үчүн мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн мектеп, алар:**

- бардык балдар дене бойлук, интеллектуалдык, социалдык, эмоционалдык, тилдик жана башка өзгөчөлүктөрүнөн көз карандысыз түрдө чогуу билим алышат;
- билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнө бирдей шарттар түзүлөт, ар түрдүүлүк колдоого алынат жана басмырлоону жоюуга бардык аракеттер көрүлөт;
- бири-бирине урамт-сый менен мамиле кылуу, чыдамкайлуулук жана адилеттүүлүк баалуулуктары калыптанат;
- ар бир бала өзүнүн баалуулугун сезет жана ал мектеп жамаатына тиешелүү экендигин сезет, билет.

**Инклюзивдүү мектептин негизги белгилери:**

- **Физикалык жана окууну уюштуруу жагынан жеткиликтүүлүк:** инфраструктура, окутуу материалдары, окутуу тапшырмалары баардыгы үчүн адаптацияланган;
- **Окутуунун ийкемдүү усулдары:** ар бир окуучунун муктаждыктары эске алынат;
- **Позитивдүү маанай:** ар түрдүүлүктү, бири-бирин сыйлоону, ак ниеттүү баарлашууну кабыл алуу;
- **Мугалимге жана командага колдоо көрсөтүү:** командада иштөө, ата-энелердин, жардамчылардын, адистердин чогуу иштөөсү;
- **Үй-бүлөлөрдүн жана жамааттардын катышуусу:** мектеп ата-энелер жана жергиликтүү жамааттар менен өз ара аракеттенишет;
- **«Баары үчүн мектеп» саясаты:** ар бир баланын потенциалын өстүрүүгө багытталган.

## 5.2. Инклюзивдүү жана колдоо көрсөткөн окутуу чөйрөсүн түзүүдөгү мектептин жетекчилигинин кадамдары

Демек, мугалимдерди билим берүүдөгү социалдык инклюзиялуулук концепциясы жана аны ишке ашыруунун практикалык усулдары менен тааныштыруу – заманбап, адилеттүү жана натыйжалуу мектеп тутумун калыптандыруунун ажыратылгыс бөлүгү болуп эсептелет.

**Инклюзивдүүлүк принцибин түшүнүү мектептин бардык деңгээлинде бекемделген болушу керек. Жетекчилик зарыл түрдө кабыл алуусу керек болгон кадамдар:**

### 1. Түшүнүү жана берилгендик

- ✓ Гендердик тең укуктуулукту жана социалдык инклюзиялуулукту камсыз кылуунун маанилүүлүгүн мектептин негизги баалуулугу катары **таануу** – КР Конституциясына, КР мыйзамдарына жана КР тарабынан ратификацияланган эл аралык ченемдерге ылайык.
- ✓ Мектептин стратегиясына жана миссиясына гендердик жактан сезимтал жана инклюзиялуу сабак берүүнү киргизүү милдеттенмесин **таануу.**
- ✓ **Мыйзамдык жана этикалык ченемдер,** анын ичинде эл аралык жана улуттук ченемдер менен **таанышуу** (КР Конституциясы, КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы, 11-август, 2023-жыл, №179).

### 2. Инклюзивдүүлүк саясатын киргизүү

- ✓ **Мектептин ички жоболорун гендердик тең укуктуулук, басмырлабоо жана инклюзия принциптерин** эске алуу менен иштеп чыгуу же кайрадан карап чыгуу.
- ✓ Басмырлоого, буллингге, гендердик стереотипке таасир этүүнүн **так процедуралары менен камсыз кылуу.**
- ✓ Кызматкерлер, окуучулар жана ата-энелер үчүн **этикалык жана инклюзивдик жүрүм-турум кодексин** киргизүү.

### 3. Кадрдык курамды окутуу жана өнүктүрүү

- ✓ Гендердик сезимталдуулук, инклюзивдүү тил, ар түрдүүлүк менен иштөө боюнча **милдеттүү түрдө өткөрүлүүчү тренингдерди жана семинарларды** уюштуруу.
- ✓ Мугалимдердин арасындагы тегерек үстөлдөрдү, бейнелерди талкуулоону, **ички тажрыйба алмашууну** колдоо.
- ✓ Иклюзиялуулук жана тең укуктуулук суроолору боюнча **жоопту адамды же команданы дайындоо.**




### 4. Мониторинг жана баалоо жүргүзүү

- ✓ Мектеп чөйрөсүндө стереотиптер жана басмырлоочу тажрыйбалар барбы **үзгүлтүксүз түрдөгү** өздүк аудит жүргүзүп туруу.
- ✓ **Окуучулардын жана ата-энелердин** арасында коопсуздук жана тиешелүүлүк сезими жөнүндө сурамжылоолорду жүргүзүү.
- ✓ Бул жаатта алдыга илгерилөөгө баа берүү үчүн **текшерүү баракчаларын жана индикаторлорду** колдонуу, мисалы, 1-5 модулдардагы.

### 5. Окутуу жана визуалдык материалдарды адаптациялоо

- ✓ Окутуу усулдук комплексттер инклюзивдүү критерийлерге шайкеш келеби текшерип чыгуу (жынысы, улуту, майыптуулу ж.б. боюнча).
- ✓ Жаңы материалдарды колдонууга киргизерден мурун **алардын мазмунуна алдын ала талдоо жүргүзүү** тажрыйбасын расмий түрдө бекитүү.
- ✓ **Нейтралдуу жана ар түрдүүлүктү камтыган сүрөттөрдү** колдонууну колго алуу, колдоо.

### 6. Окуучулардын жана ата-энелердин бирге катышуусуна колдоо көрсөтүү

- ✓ Жардам, колдоо көрсөтүү кызматтарын **өстүрүү: мектеп психологу, ишенимдүү адам, бири-бирине колдоо көрсөтүү топтору.**
- ✓ **Ата-энелер менен** инклюзивдүүлүк жана гендердик маданият суроолору боюнча **маалыматтык жолугушууларды өткөрүү.**
- ✓ Окуучулар өздөрүн санааркаткан ой пикирлери менен коопсуз бөлүшүүлөрү үчүн **кайтарым байланыш** каналдарын түзүү.

## 7. Өнөктөштүк жана ресурстар

- ✓ Компетенттүүлүктү жогорулатуу үчүн **эксперттер, онлайн- платформалар** менен кызматташуу.
- ✓ Мектепти инклюзивдүү мейкиндик катары өнүктүрүү үчүн сырткы **тренерлерди жана адистерди тартуу.**

## ЭМНЕ ҮЧҮН БУЛ МЕКТЕПТИН МУГАЛИМДЕРИ ҮЧҮН МААНИЛҮҮ:

- ⦿ Мугалим инклюзивдүүлүктүн борборунда: жекече муктаждыктарды эске алган окутуу усулдарын адаптациялоого милдеттүү.
- ⦿ Окутуу натыйжалуу болот, эгерде ар бир окуучу материалды кабыл алса жана өздөштүрүп кетсе.

## Жагымдуу чөйрөнү түзүү:

- ⦿ Окутуу чөйрөсү эмоционалдык жана дене бойлук жактан **коопсуз, колдоо көрсөткөн, адаптацияланган** болуусу зарыл.
- ⦿ Мугалимдер бири-бирин **урматто-сыйлоо, басмырлоого жол бербөө жана ар бир окуучуга колдоо көрсөтүү** маданиятын калыптандырышат.

## Ийкемдүү усулдар жана заманбап технологиялар:

- ⦿ Ар түрдүү окутуу ыкмаларын, интерактивдүү жана заманбап каражаттарды колдонуу, бул бардык окуучуларды окуу процессине тартууга жардам берет.
- ⦿ Окуучуларга түшүнүктүү тилди колдонуу, бул окутуунун эрте стадияларында маанилүү.


## Колдоо көрсөтүү жана кесипкөйлүк жактан өнүгүү:

- ⦿ Мугалимдерди дайыма даярдыктан өткөрүп туруу керек (бир гана теориялык жактан эмес, ошондой эле практикалык жактан дагы)
- ⦿ Тажрыйбаларды биргелешип жамаатта талкуулоо, ресурстардын жеткиликтүүлүгү жана заманбап стратегияларга окутуу (жетишүүсүн баалоону кошкондо).

## Окуучуну багыттоо:


- ⦿ Активдүү окутуу, тартуу, класстын ичинде өз ара аракеттенишүү

«Курулай жаттоодон» билимдер жана жашоо көндүмдөрү боюнча биргелешип ой жүгүртүүгө өтүү.




Инклюзивдүү мектеп балдардын ар түрдүүлүк - бул ченем экендигин (же ар түрдүүлүк биздин жашообуздагы кадимки нерсе катары адатка айланууcу керек экендигин түшүнүүсүнө), ал эми ар түрдүүлүктү сыйлоо коомду адилеттүү жана күчтүү кыла тургандыгын түшүнүүсүнө жардам берет. Бул аракет кылуу жана ак ниеттүүлүк бааланган психологиялык жактан коопсуз чөйрөнү түзү2гө жол ачат.

Гендердик жактан сезимтал жана инклюзивдүү чөйрө ар бир бала жынысынан көз карандысыз түрдө билим алууда, лидерликте жана чыгармачылыкта өз потенциалын ишке ашыруусуна жол ачат. Бул кыздардын STEM-багытындагы потенциалдарын, ал эми эркек балдардын гуманитардык жана эмоционалдык жактагы потенциалдарынын ачылуусу үчүн өзгөчө маанилүү.








Мугалим – бул билимдерди алып жүрүүчү гана эмес, ошондой эле жүрүм-турумдун модели. Мугалим инклюзивдүү сүйлөгөндө жана кыймыл-аракеттери дагы инклюзивдүү болсо, окуучулар бул ченемдерди табигый катары кабыл алат. Бул балдардын өзүн өзү жана башкаларды сыйлоосун калыптандырат.

Гендердик жактан сезимтал тилди, нейтралдуу образдарды жана инклюзивдүү тажрыйбаларды колдонуу зомбулуктун, шылдыңдоолордун, басынтуулардын жана социалдык четтетүүнүн өзөгүн түзүүчү болуп саналган стереотиптерди сындырат. Бул карама-каршылыктар тобокелчилигин төмөндөтөт жана класстагы климатты жакшыртат.







Окуучулар өзүн угулган жана урматталган чөйрөдө сезгенде, бул алардын окуу процесске жигердүү катышуусуна, мотивациясынын өсүшүнө жана жетишкендиктеринин жогорулашына өбөлгө түзөт.

Инклюзиялуулук - бул компромисс эмес, а баардыгы үчүн жыйынтыктарды жакшыртууга карай жол




МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН СУНУШТАМАЛАР:
Класста иштөөнүн ар түрдүү формаларын колдонгула (тайпалар, жупта, жекече иштөө)
Окуучуларды уккула, байкагыла, ошого жараша ыкмаларды колдонгула.
Ата-энелердин жана жергиликтү жамааттын катышуусун колдогула.
Өзүңөрдүн психологиялык абалыңарга кам көрүү жөнүндө ойлонгула – эгерде силер эмоционалдык жактан чарчасаңар, балдарга жардам бере албай каласыңар.

## 5.3. Бардык адамдар үчүн билим алуу муктаждыктарынын жана жеке мүмкүнчүлүктөрүнүн ар түрдүүлүгүн эске алуу менен адаптацияланган окуу пландарын иштеп чыгуу

### Адаптацияланган же инклюзивдүү окуу планы:

- Ар бир окуучунун когнитивдик, эмоционалдык, социалдык жана чыгармачыл жактан өнүгүүсүн эске алат.
- Окутуу процессинин мазмунунун, усулдарынын жана баалоо формаларынын ийкемдүүлүгүнө таянат.

### XXI билим берүүнүн төрт көндүмүн өзүнө камтыйт:

1. Билим алууга үйрөнүү.
2. Аракет кылууга үйрөнүү.
3. Бирге жашоого үйрөнүү.
4. Жеке инсан болууга үйрөнүү.

### Иштеп чыгуудагы принциптер:

- ✓ Программаларды академиялык мазмун менен оорлоштурбагыла.
- ✓ Окутулуучу билимдин релеванттуулугуна жана практикада кабыл алынуусуна басым жасагыла.
- ✓ Ийкемдүү пландаштырууну колдонгула.
- ✓ Тайпалык жана жеке иштөөнү кезек-кезеги менен алмаштырып уюштургула.
- ✓ Визуалдык, аудио жана тактилдик материалдар;
  Окуу процессинде тапшырмаларды оңдоп-түзөө жана рефлексия

**Программаны иштеп чыгып аяктагандан кийин сапатын текшерүү үчүн көзөмөлдөөчү суроолордун жардамы менен бир сыйра карап чыгыңыз:**

- Программа окуучулардын көп түрдүүлүгүн эске алабы?
- Материалды өздөштүрүүнүн альтернативдүү жолдору барбы?
- Ал мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн канчалык деңгээлде жеткиликтүү (дене бойлук, тилдик, когнитивдик)?

### Кошумча колдоо көрсөтүүгө муктаж балдар менен иштөө:

**Төмөнкү кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн:**

– угуунун, көрүүнүн, сүйлөөнүн бузулуусу ;
– окуп үйрөнүүдөгү кыйынчылыктар;
– жүрүм-турум жана эмоциялык бузулуулар;
– негизги окуу көндүмдөрүнүн жетишсиздиги;
– ата-энелик колдоонун жоктугу.

## Эмне маанилүү:

- эрте аныктоо – байкоо жүргүзүү, анкетирлөө, консультациялоо аркылуу.
- жумшак адаптациялоо – шарттарды стандарттарды төмөндөтпөстөн өзгөртүү;
- убакыттын көп болуусу;
- тьютордун колдоосу;
- атайын нускамалар;
- визуалдык эскертмелер.

## Усулдар:

- «Кичинекей кадамдар» усулу – тапшырмаларды бөлүп берүү;
- «Бирге иштөө» усулу – жекече иш сессиялары;
- «Жардам берүү – артка тартылуу» модели – башында көбүрөөк жардам берип, бара-бара мугалимдин катышуусун азайтуу.

## Мугалимдин ролу:

Сиз – окуучуга жол көрсөтүүчүсүз. Сиздин милдетиңиз – ар бир бала окуп билим ала турган шарттарды түзүү. Экспертиментирлөөдөн, издөөдөн, адаптациялоодон коркпогула.

## Инклюзивдүү иштеген мугалимдер:

- байкашат, анализдешет, ийкемдүү таасир этишет;
- башка адистер жана ата-энелер менен өз ара аракеттенишет;
- окутуу процессин жандуу, көп деңгээлдүү жана адамкерчиликтүү кылып уюштурушат.

**Инклюзиялуулук** – бул жөн гана окутуунун жеткиликтүүлүгү эмес, бул активдүү катышуу. Программаларды адаптациялоо жана окуучуларга колдоо көрсөтүү – мындай катышуунун негизи.

# БЕШИНЧИ МОДУЛГА КАРАТА МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР ЖАНА КУРАЛДАР

## 1) Класста инклюзивдүү окутуу чөйрөнү түзүү

| Кадам | Эмне кылуу керек? | Мисалдар/кеңештер |
|---|---|---|
| 1.Байкагыла жана адаптациялагыла | Окутууга муктаждыгы абр түрдүү балдар материалды кандай кабыл алып жатышат, талдагыла | Байкоо жүргүзгүлө, анкеталоо жүргүзгүлө, эмоционалдык фонду эске алгыла |
| 2. Ийкемдүү кылып пландаштыргыла | Тапшырмалардын форматын адаптациялагыла | Жекече тапшырмаларды, жуптук жана топтук тапшырмалар, багыт берген көрсөтмөлөр |
| 3. Бардык окуучуларга колдоо көрсөткүлө | Салыштырбагыла, а шыктандыргыла | Муну мындай деп кайра түзгүлө: «Сен эмне үчүн андай эмессиң?, «Сага кандай ыңгайлуу, кел ойлонуштуралы» . |
| 4. Баардыгы бирге катышкан атмосфераны түзгүлө | Баардыгын, ал тургай унчукпаган окуучуларды дагы катыштыргыла | «Тынч катышуу» стратегиясын колдонгула: жазуулар, карточкалар, кружок |
| 5. Ярлыктардан качкыла | Окуучуну «кыйын», «отурганды билбейт», же «көйгөйлүү» деп мүнөздөөгө жол берилбейт. | Мунун ордуна «Колдоо көрсөтүүгө муктаж», «Визуалдык стимулдарга жооп кайтарат» |

## 2) Сабак учурундагы инклюзивдүү ыкмалар

| Кадам | Кандай жардамы тиет? | Колдонуу үчүн үлгүлөр |
|---|---|---|
| «Кичинекей кадамдар усулу» | Тапшырмаларды этаптарга бөлүү | «Дилбаян жаз» дегендин ордуна: «Адегенде 3 ой түзүп, таяныч сөздөрдү жазып ал» деп көрсөтүңүз». |
| «Жардамды артка чегинүү» | Жардам берүүнү же жардам күтүүнү акырындан азайта баштайт | Алгач тапшырманы бирге окугула, андан кийин ал муну өз алдынча кайталайт |
| «Бетме-бет колдоо көрсөтүү» | Балага топтон сырткары колдоо көрсөтүү | Жекече түшүндүрүү же кайтарым байланыш үчүн убакыт бөлүү |
| Дифференцияланган тапшырмалар | Өз деңгээлинде аткарууга көмөк көрсөтөт | Бирөө оозеки жооп берет, экинчиси – сүрөт тартат, үчүнчүсү – видео же презентация |

### 3) Сабак учурундагы инклюзивдүү ыкмалар

| Эмнелерди аныктоо керек? | Кантип колдоо көрсөтүү керек? |
|---|---|
| Байланышуудагы кыйынчылыктар | Сүйлөшүүнүн альтернативдүү формаларын сунуштагыла |
| Окууда/ жазууда/эсептөөдө өзгөчө муктаждыктары бар болуу | Визуалдык нускамаларды жана үлгүлөрдү колдонгула |
| Тапшырмалардан акчуу/ агрессиялуу болуу/ четтөө | Ата-энелерди/адистерди тартуу |
| Окууга үзбөй келбөө/шыктануунун жоктугу | Өзүнө жана өзүндөгү прогресске баа берүү баракчасын киргизсе болот |

### 4) Кичи чөйрө:жасалгалоо, өз ара аракеттенишүү, сүрөттөр

| Облусу | Текшерүү жана жасалгалоо |
|---|---|
| **Классты жасалгалоо** | Бул жерде бардык балдардын билим алуусуна сүйүнө турушкандыктарын жана алар баалуу экенин көрсөтүп турган белгилер барбы? (плакаттар, сүрөттөр, колдонулган тилдик жазуулар) |
| **Сүрөттөр жана материалдар** | Алар балдарды мүмкүнчүлүктөрү, улуту, сырткы келбети ар түрдүү кылып чагылдырып турабы? |
| **Кайтарым байланыш** | «Акырын байланышуу жолдору барбы?» (ишеним жашиги, анонимдүү суроолор, QR-кайтарым байланышуу) |
| **Мугалимдин тили** | Мен сүйлөшүүнүн тилин кошкон ак ниеттүү фразаларды, колдоо көрсөтүүчү тонду колдономбу? |

## ТЕКШЕРҮҮ БАРАКЧАСЫ: МЕН ИНКЛЮЗИВДҮҮ ЧӨЙРөНҮ ТҮЗӨ АЛАМ, ЭГЕРДЕ…

- ☐ Балдарга тапшырманы кандай аткарарын тандоого мүмкүнчүлүк берем.
- ☐ Нейтралдуу тилди колдоном жана эмоцияларды сыйлайм.
- ☐ Балдардын баары эле бирдей өздөштүрө албастыгын эске алам.
- ☐ Ата-энелерди чакырам жана алар мененжетишкендиктерди чогуу талкуулайбыз.
- ☐ Жалпылабайм («кыздар дайыма…», «эркек балдар эч качан…»)\Ар бир бала ийгиликкке жетсе боло тургандыгын көрсөтөм.

# Инклюзивдүү жана гендердик жактан сезимтал математика сабагынын үлгүсү (7-класс)

## Сабактын темасы:
Бир белгисиз менен сызыктуу теңдемелерди чечүү

## Сабактын максаты:
Бардык окуучуларда **ар түрдүүлүккө жана инклюзивдүү практикага болгон сый-урмат мамилени калыптандыруу менен, аларды бирге ax + b = c түрүндөгү теңдемелерди чечүүгө үйрөтүү**

## Классы:
7- класс, инклюзивдүү

## Узактыгы:
40 мүнөт

## Инклюзивдүү жана гендердик жактан сезимталдуу чөйрөнү түзүүдөгү мугалимдин ролу:
- Коопсуз, бири-бирине урмат-сый менен мамиле кылган жана колдоо көрсөткөн чөйрөнү түзүү;
- Нейтралдуу лексиканы жана басмырлоосуз сөз айткаштарын колдонуу;
- Ар бир окуучуга жынысынан, жөндөмдөрүнөн же окуу темпинен көз карандысыз түрдө колдоо көрсөтүү;
- Усулдарды жана материалдарды бардык окуучулардын, анын ичинде окууга карата муктаждыктарына ылайык адаптациялоо;

## Сабактын планы

**1. Сабакты уюштуруу (3 мүн.)**
Учурашуу, биргелешкен жана бири-бирин сыйлаган иштешүү маанайын жаратуу. Класстагы ар бир окуучу маанилүү жана баалуу экенин эскертүү

### 2. Билимдерди актуалдаштыруу (5 мүн.)
Жөнөкөй теңдемелер жазылган карточкалар. Майыптыгы бар окуучу үчүн – визуалдык колдоо менен адаптацияланган карточка.

**3. Жаңы теманы өздөштүрүү (10 мүн.)**
Доскада кадам-кадамы менен көрсөтмөлүү слайддар аркылуу түшүндүрүү. Майыптыгы бар окуучуга – ири шрифт жана чоң шрифт менен басылган жана түстүү белгилери бар материалдарды бериңиз

**4. Тайпаларда иштөө (15 мүн.)**

Ар түрдүү деңгээлдердеги тайпаларда иштөө. Майыптыгы бар окуучу – ага колдоо көрсөткөн окуучу менен жуп болуп иштейт. Визуалдык карточкалар аркылуу кайтарым байланыш жасасаңыз болот.

## 5. Кайтарым байланыш жасоо (5 мүн.)

Ачык суроолор: «Эмне түшүнүктүү болду?», «Эмне татаал сыяктуу сезилди?». Өзүн-өзү баалоо үчүн колдонулуучу карточкаларды пайдалануу.

## 6. Үй тапшырмасы (2 мүн.)

Үч деңгээлдеги татаалдыктын тапшырмалары. Майыптыгы бар окуучу визуалдык колдоосу бар адаптацияланган тапшырма алат.

### Сабактын инклюзивдүү жана гендердик жактан сезимтал элементтери:

- Визуалдык колдоо көрсөтүүчү басып чыгарылган материалдар
- Окутуунун ыргагына жана берилүү формасына жараша жекелештирүү
- Жуптук жана тайпалык окутуу
- Стереотиптерден жана окуучуларды салыштыруудан баш тартуу
- Заманбап технологияларды (ЗТ) жана көп форматтуу (мультимодалдык) каражаттарды колдонуу
- Тең укуктуулукту жана кадыр-баркты сыйлоону колдоо көрсөткөн тилди колдонуу
- Эмоционалдык жактан байланышуу жана конструктивдүү кайтарым байланышуу

### Колдонуу үчүн стереотиптүү эмес фразалар:

| Туура эмес | Туура: |
|---|---|
| Эркек балдар эсепти бат эле чыгарып коюшат | Ар бир окуучу өз ыргагында иштейт - бул баалуу нерсе |
| Кыздар кылдат келишет | Баарыңар кылдат болгула – бул тапшырманы так аткарууга жардам берет |
| Азаматсың, чыныгы эркексиң | Мыкты иш! Сен өжөрлүгүңдү көрсөттүң (кызга дагы/эркек балага дагы)! |
| Кыздар, ката кетиргенден коркпогула! | Ката кетирүү – бул окуп үйрөнүүнүн бир бөлүгү. Биз баарыбыз тажрыйба аркылуу үйрөнөбүз |